**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

Кол жазма укугунда
**УДК: 7.011.2:101.1 (575.2.) (043.3)**

**КУРБАНБАЕВ КЫЛЫЧБЕК АЗИМОВИЧ**

# КЫРГЫЗ ИСКУССТВОСУНУН ДҮЙНӨ ТААНЫМДАГЫ РОЛУ: ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

09.00. 11 – социалдык философия

Философия илимдеринин доктору окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2020**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин философия жана саясат таануу кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий кеңешчиси:** | **Шарипова Эркайым Козуевна**<br>философия илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин философия жана саясат таануу кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттери:** | **Дюшалиев Камчыбек Шаменович**<br>искусство таануу илимдеринин доктору, профессор, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерватория-сынын музыка таануу жана композиция кафедрасынын башчысы<br>**Ажыбекова Клара Ажыбековна**<br>философия илимдеринин доктору, Кыргыз-Россия Славян университетинин дүйнөлүк маданиятты жана диндерди изилдөө боюнча ЮНЕСКО кафедрасынын профессору<br><br>**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**<br>философия илимдеринин доктору, КРнын УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун жетектөөчү илимий кызматкери |
| ***Жетектөөчү* мекеме:** | Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасы (720024, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш. Манас көчөсү 101 |

Диссертациялык иш 2020-жылдын “13”-ноябрында саат $13^{\underline{00}}$ дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтуна, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдери боюнча доктору (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.19.591 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265,а), К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан (Бишкек шаары, Тынчтык пр. 27) жана диссертациялык кеңештин www.fil.kg. сайтынан таанышууга болот. Коргоонун идентификатору: 256-059-563, паролу:19932510

Автореферат 2020-жылдын 1 ꞏкатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты:** **Асанов Ж. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз искусствосунун дүйнө таанымдагы ролун изилдөөнүн актуалдуулугу азыркы социумдагы индивиддин ишмердүүлүгүндө жана тышкы дүйнө, реалдуулук менен өз ара катышында өнүгүүнүн, өздүк таанып-билүүнүн каражаттары, механизмдери болуп саналган көркөм чыгармачылыктын жана маданияттын маанисинин өсүшү менен шартталат.

Искусство байыркы доорлордон тартып философиялык изилдөөлөрдүн предмети болуп келген, анын түрдүү теориялары бар болгонуна карабастан, көркөм өнөрдүн мазмуну, спецификасы, социалдык мааниси жеткиликтүү даражада изилденип бүттү, эч кандай дискуссиялык суроолор калган жок деп айтуу кыйын. Адам жашоосунун бул феномени өтө татаал, ар тараптуу, андыктан белгилүү учурда анын толук аягына чыккан теориясын түзүү оңой эмес. Ошол себептүү искусствонун теориялык проблемаларын изилдөө бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жогото элек.

Азыркы социомаданий кырдаалда көркөм өнөрдүн дүйнөнү таанып-билүүдөгү ролу, анын адамга, инсандын калыптанышына тийгизген таасири жөнүндөгү проблема өзгөчө методологиялык жана практикалык мааниге ээ. Анткени учурдагы социалдык-руханий кризистин негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп социумда зордук-зомбулукту жана башка коомдук терс кубулуштарды пропагандалаган антигумандуу искусствонун жайылышы эсептелет. Көркөм чыгармалардын социалдык маңызы адамдардын турмуштук тажрыйбасын жалпылоо жана анын үстүнөн ой жүгүртүү, ошондой эле натыйжада баалуулукка негизделген нормативдүү жүрүм-турумду символикалык формада чагылдырган аң-сезимдин образдарынын, үлгүлөрүнүн калыптанышы менен тыгыз байланышкан. Аталган жагдайлар аркылуу искусство философия менен жакындашат, бирок ар бири өз милдеттерин түрдүү жолдор аркылуу чечип, ишке ашырат.

Искусство инсандын социалдашуу процессине катышуу менен байланышкан негизги функцияны аткарат, ошондой эле коомдук тажрыйба чагылдырган нравалык-этикалык, эстетикалык баалуулуктардын жана жүрүм-турум үлгүлөрүнүн системасынын көрсөткүчү болуп саналат.

Искусство коомдук мамилелердин себептерин, маңызын жана натыйжаларын терең ар тараптуу жана кеңири философиялык ой-жүгүртүүдө анын маанисинин жана ролунун өсүшүнө өбөлгө түзгөн рефлексиянын объектиси, формасы жана чөйрөсү, ой-жүгүртүүнүн предметине айланган жаңы көркөм формалардын пайда болушуна жардам берет. Учурда корпоративдүү формага жана ааламдашуу

моделине карама-каршылык көрсөткөн мультимаданий социумдарда толеранттуу жана адилеттүү мамилелерди орнотуу зарылдыгына байланыштуу искусствонун ролу өсүүдө.

Кыргыздардын коомдук-философиялык, этикалык жана эстетикалык көз караштары Б.А. Аманалиевдин (1963), Ш.Б. Акмолдоеванын (1995, 2005), Р.А. Амановадын (2017), А.А. Бекбоевдин (1989), Ж.Б. Бөкөшевдин (2001), А.Ч. Какеевдин (2009), Ы.М. Мукасовдун (2004, 2018), Л.А. Прыткованын (1999), А.А. Салиевдин (1962, 1971, 1986), Т.А. Аскаровдун (1982, 2000), К.М. Матиевдин (1969, 2002), Дж. Т. Уметалиеванын (1978, 1984, 1987),К.Ш. Дюшалиевдин (1984), Ч. Уметалиева-Баялиеванын (2017) илимий эмгектеринде чагылдырылып, искусствонун айрым философиялык категориялары талкууга алынган.

Искусство жана эстетика боюнча изилдөөлөр А.Л. Андреевдин (1980), А.И. Буровдун (1956, 1975), Е.С. Громовдун (1965, 1971), Н. Дмитриеванын (1966), Л.А. Зеленовдун (1969), А.Я. Зистин (1975), А.Г. Егоровдун (1959), А.Ф. Еремеевдин (1996), В.П. Ивановдун (1977), М.С. Кагандын (1964), Ю.Боревдин (1988), Г.Н. Поспеловдун (1965),М.Н. Афасижевдин (2002, 2004), Е.Г. Яковлевдин (2015) эмгектеринде чагылдырылган.

Өздүк контекстте технологияларды сынчыл көз караашта баалоо менен бирге искусство эртеңки күнгө жана алыскы келечекке багытталган коомдордун ичинде жана социумдардын ортосунда, ошондой эле дүйнө менен өз ара мамилелердин моделин иштеп чыгууга мүмкүндүк түзөт. Аталган жагдайлар иштин актуалдуулугун белгилейт.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү негизги илим изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасыКыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын тармактык илимий программасына, КР УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын негизги **максаты** болуп кыргыз искусствосунун дүйнө таанымдагы ролун социалдык-философиялык багытта талдоо эсептелет.

Белгиленген максатка ылайык диссертациялык иштин төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

1.искусствону социалдык-философиялык дискурстун объектиси катары аныктоо;

2. ата мекендик эмгектерде искусство феноменинин иликтенишин тактоо;

3. кыргыз искусствосун салттуу маданияттын системасында иликтөө;

4. искусствонун онтологиялык-гносеологиялык мазмунун талдоого алуу;

5. элдик искусствонун аксиологиясына анализ жүргүзүү;

6. искусстводогу эстетикалык-этикалык проблемаларды анализдөө;

7.кыргыз сүрөт искусствосунда дүйнөнүн өздөштүрүлүшүнүн мүнөзүн тактоо;

8.искусствону реалдуулукту символдоо каражаты катары иликтөө;

9.азыркы искусстводогу көркөм багыттарды аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Бүгүнкү күндө Кыргызстанда искусствонун дүйнө таанымдагы ролуна арналган комплекстүү социалдык-философиялык изилдөөлөр өтө аз, изилдөөнүн инновациялык аспектилери катары төмөнкү жоболорду кароого болот:

-искусство социалдык-философиялык дискурстун объектиси катары аныкталды;

-ата мекендик эмгектерде искусство феноменинин иликтениши такталды;

-кыргыз искусствосу салттуу маданияттын системасында иликтенди;

-искусствонун онтологиялык-гносеологиялык мазмуну талдоого алынды;

-элдик искусствонун аксиологиясына анализ жүргүзүлдү;

-искусстводогу эстетикалык-этикалык проблемалар анализденди;

-кыргыз сүрөт искусствосунда дүйнөнүн өздөштүрүлүшүнүн мүнөзү такталды;

-искусство реалдуулукту символдоо каражаты катары иликтенди;

-азыркы искусстводогу көркөм багыттар аныкталды.

**Изилдөөнүн методдору жана аппаратурасын** аталган проблема боюнча чет өлкөлүк, орус жана ата мекендик окумуштуулардын искусство, таанып-билүү проблемалары боюнча философиялык, искусство таануучулук көз караштары, ой жүгүртүүлөрү түздү. Изилдөө процессинде системалык, тарыхый, формалдык-логикалык, абстракциялык, аналогиялык жана башка принциптер колдонулду. Иликтөө методологиясынын негизи болуп дүйнөнү таанып-билүүнүн материалисттик-диалектикалык принциптери эсептелет. Эмгек маданий-цивилизациялык ыкмага таянуу аркылуу жүргүзүлдү, мында иликтөөнүн объектисин жана предметин талдоо кыргыз элинин маданий-цивилизациялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен ишке ашты.

**Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык мааниси.** Илимий иштин теориялык мааниси дүйнө таанымдагы искусствонун ролу жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Изилдөө процессинде алынган материалдарды жана жыйынтыктарды, жалпы социалдык-философиялык концепцияларды Кыргызстандагы эстетикалык-этикалык проблемаларды анализдөөдө колдонууга болот. Диссертациянын материалдарын жана жыйынтыктарын социалдык философия, искусство таануу, эстетика, этика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу, дүйнөлүк маданияттын тарыхы жана башка атайын курстарды окутууда пайдаланууга болот.

**Коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Коомдук аң-сезимдин формасы катары искусство бир жагынан, жамааттын тарыхый жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнөн көз каранды, экинчи жагынан, ал адамдагы руханийликке жана жалпы руханий турмушка тийгизген таасири аркылуу түшүндүрүлгөн салыштырма өз алдынчалыкка ээ. Искусство реалдуулукту чагылдырып эле тим болбостон, ага инсанды калыптандыруу аркылуу таасир тийгизет, адам аркылуу көркөм өнөр индивиддин ички дүйнөсүн кайра түзөт.

2. Ата мекендик философтор, маданият таануучулар искусствонун социалдык идеяларынын өнүгүшүнө, анын учурдагы трансформацияланышына, көркөм өнөрдүн түрдүү багыттарынын эстетикалык негиздемелерин аныктоого зор салым кошушкан. Алардын эмгектериндеги теориялык-методологиялык принциптер жана идеялар азыркы көркөм искусствонун глобалдык мейкиндигин изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

3. Этностун социалдык-тарыхый өнүгүү баскычында калыптанган салттуу искусство этникалык маданияттын составдык бөлүгү катары кыргыздардын улуттук аң-сезимин калыптандырган негизги фактор болуп саналат. Кыргыз маданиятынын өнүгүшү доордун жетишкендиктерин сактап келген маданий салттар менен тыгыз байланышта ишке ашкан жана искусстводо үлгүлүү классикалык формаларды түзүүгө өбөлгө түзгөн. Алар улуттук искусстводогу жалпы этникалык салттын калыптануу процессине кызмат өтөгөн.

4. Искусство илим сыяктуу эле реалдуулукту объективдүү түрдө чагылдырып, анын негизги маңыздуу жактарын таанып-билүүгө өбөлгө түзөт. Бирок илимден айырмаланып, искусство дүйнөнү образдуу ой жүгүртүү аркылуу таанып-билет, ал эми илим реалдуулукту абстрактуу теориялык ой жүгүртүүнүн жардамы менен өздөштүрөт.

5. Искусство инсандын социалдашуусуна катышуу менен бирге нравалык жана эстетикалык баалуулуктарды, коом үчүн актуалдуу болгон жүрүм-турум моделдерин жана рефлексивдүү позицияларды, адамдык өз ара карым-катыштын социалдык тажрыйбасына кошулушуна өбөлгө түзгөн маанилүү функцияларды аткарат. Көркөм маданияттын чөйрөнү түзүүчү функциясы искусство чагылдырган маданий баалуулуктардын үлгүсү камтылган эстетикалык уюшулган чөйрөнү долбоорлоо менен байланышкан.

6. Искусство руханий өндүрүштүн өзгөчө тармагы катары реалдуулукту эстетикалык мүнөздө өздөштүрөт. Анын негизги жагы болуп табигый жана социалдык турмуштун руханий тажрыйбасына карата эстетикалык-этикалык мамиле эсептелет. Искусство дайым эле учур чакты чагылдырбастан, келечекти да божомолдойт, фантастикалык кыял дүйнөсүнө багыттайт.

7. Руханий өндүрүштүн негизги түрлөрүнүн бири болуп көркөм сүрөт искусствосу эсептелет. Адамдар белгилүү шарттуулуктун чегинде, илимий моделдерге теңдеше алган көркөм образдарды түзүү аркылуу өздүк элестөөнүн натыйжасында курчап турган объективдүү реалдуулукту терең таанып-биле алат. Сүрөтчүлөр, жазуучулар, скульпторлор көркөм образдын жардамы аркылуу адамдарды курчап турган чөйрөнүн маңыздуу, көзгө көрүнбөгөн жактарын терең чагылдырышат.

8. Символдор аркылуу түрдүү тилдерге жана маданияттарга ээ болгон элдер баарлашуу жана өз ара түшүнүү процессине мүмкүндүк түзгөн мазмундук мейкиндикти калыптандырышат. Символдор белгилүү жалпылыктын социомаданий тажрыйбасын аккумуляциялоо менен бирге маданияттар аралык байланыштарга, ошондой эле баалуулуктар жана идеялар менен алмашууга өбөлгө түзгөн маалыматтык-коммуникативдик функцияны аткарышат. Маданияттар аралык байланыш интеракция субъектилеринин символикалык өз ара катышуу процессине негизделет, алардын маданий айырмачылыктарын символдордун мазмундарын ачып берүүдө аныктоого болот.

9. Азыркы искусство өзгөрүп жаткан реалдуулуктун, башкача айтканда, алдыңкы техниканын, урбанизациянын, жашоо образынын базасында социалдык-экономикалык прогрессти тездеткен дүйнөнүн көркөм программасы иретинде баалуу. Ошол эле учурда ал социалдык түзүлүш катары убакыттан, мейкиндиктен көз каранды болуп саналат. Адамдын чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн ачууга багытталган, плюрализмге негизделген азыркы искусство дүйнө жөнүндө ой жүгүртүүнүн радикалдык жаңы тажрыйбасын сунуштоо менен демейки

аң-сезимди ойготуп, көрүүчүнүн интеллектуалдык даражасына терең таасирин тийгизиши мүмкүн.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжалары, коргоого сунушталган жоболор искусство проблемаларын социалдык-философиялык талдоонун негизинде диссертант тарабынан жеке иштелип чыккан.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору профессор Б.М. Мурзубраимовдун 75 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2015); К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин 75 жылдыгына арналган «Глобалдаштыруунун жана интеграциялоонун азыркы шарттарында илим жана билим берүүнүн гармонизациясы» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Каракол, 2015); “Духовная безопасность молодежи Кыргызстана: проблемы и поиски” аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2016); «Научные исследования: от теории к практике» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын(-Чебоксары, 2016); “Topical Problems of Modern Science and Possible Solutions» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Киев, 2017); Ыйман, адеп жана маданият жылына арналган «Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2017); “Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылына” карата уюштурулган “Ааламдашуу шартындагы билим берүүнүн, тарбиялоонун абалы жана өнүгүү тенденциялары” аттуу эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун (-Ош, 2019); «Борбордук Азиядагы эл аралык мамилелердин, гуманитардык жана табигый илимдердин актуалдуу маселелери: учурдагы абалы жана келечеги» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2019); Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, философия илимдеринин доктору, профессор М. Жумагуловдун 70 жылдыгына арналган «Актуальные проблемы онтологии и социальной экологии» аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын (-Бишкек, 2019); «Человек в современном мире: идентичность и межкультурная коммуникация» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Дюссельдорф, 2019); Культура и антикультура: проблемы философской антропологии. Мудрость и глупость. Добродетели и пороки» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын («Селивановские чтения») (-Тюмень, 2019); «Центральная Азия на перекрестке европейских и азиатских

внешнеполитических интересов» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Алматы, 2020); “Проблемы создания современных технологий по борьбе с информационными угрозами в условиях глобализации” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ташкент, 2020); Абу Наср Аль-Фарабинин 1150 жылдыгына карата “Наследие Аль-Фараби” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Казакстан, 2020); ОшМУнун 80 жылдык маарекесине арналган “Актуальные проблемы образования в условиях развития регионов и цифровизации страны” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын (-Ош, 2020),“Человек в современном мире: кризис и глобализация” аттуу II эл аралык илимий конференциянын (Ницца-Сицилия-Москва, 2020) материалдарында чагылдырылды.

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философия жана саясат таануу кафедрасынын, ошондой эле КРУИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институтунун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн кенейтилген отурумунда талкууга алынды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана теориялык жоболору илимий журналдарда чагылдырылып, 44 макала жарыкка чыкты. Анын ичинен 19 макала чет өлкөдө жарыяланды, 10 макала индекстештирилген РИНЦ системасындагы журналдарда басмадан чыкты.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, тогуз параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 314 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, анын илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү негизги илим изилдөө иштери менен байланышы белгиленип, иштин максаты менен негизгимилдеттерианыкталды, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, изилдөөнүн теориялыкжанапрактикалык мааниси, коргоого сунушталган жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, апробацияланышы, иштин түзүлүшү жана көлөмү көрсөтүлдү.

Диссертациялык иштин **«Искусствону изилдөөнүн теориялык-методологиялык аспектилери»** аттуу биринчи бабы үч параграфтан турат.

Биринчи баптын “**Искусство социалдык-философиялык дискурстун объектиси катары”** аттуу биринчи параграфында искусствонун маңызы философиялык талдоого алынды.

Искусство – коомдук аң-сезимдин формаларынын бири, адамзаттын руханий маданиятынын составдык бөлүгү жана дүйнөнү практикалык-руханий өздөштүрүүнүн өзгөчө түрү. Баштапкы учурларда «искусство» термини жогорку жана өзгөчө деңгээлдеги ар кандай чеберчиликти түшүндүргөн (ой жүгүртүү, согушту жүргүзүү искусствосу жана башка). Ал эстетикалык пландагы жана көркөм чыгармалардагы чеберчиликти билдирип, табияттык кубулуштардан, илимден, кол өнөрчүлүктөн жана техникадан айырмаланат.

Искусство бир жагынан, коомдун социалдык-тарыхый өнүгүүсүнөн көз каранды, экинчи жагынан, ал адамдагы руханийликке жана жалпы руханий турмушка тийгизген таасири аркылуу түшүндүрүлгөн салыштырма өз алдынчалыкка ээ. Искусство реалдуулукту чагылдырып эле тим болбостон, ага инсанды калыптандыруу аркылуу таасир тийгизет, адам аркылуу искусство индивиддин ички дүйнөсүн кайра түзөт. Жалпы жактары менен катар эле искусство коомдук аң-сезимдин мораль, саясат, дин, укук, илим сыяктуу башка формаларынан айырмаланган өзгөчөлүктөргө ээ.

Искусство түшүнүгү тарыхый мүнөздө өзгөрүп турган. Байыркы Грецияда Платонго чейин искусство катары үй куруу ыкмалары, дарыгерчилик жөндөмдөр, поэзия жана риторика аталган, башкача айтканда, искусство ишмердүүлүк иретинде каралган. Антикалык доордо искусство түшүнүгү конкреттештирилип, анын түрдүк көп тараптуулуугу белгиленген.

Аристотель искусствонун реалдуулук менен болгон байланышын белгилөө менен бирге «искусство жаратылышты туурайт» деген. Ал искусствону «techne» түшүнүгү менен белгилеген, бирок бул түшүнүк андан тышкары «кол өнөрчүлүктү жана илимди да билдирген» [Аристотель. Этика [Текст] / Аристотель. – СПб.: Обществ. польза, 1908. – Кн. 64. – 207-б.].

Ал илим менен искусствонун кол өнөрчүлүктөн айырмасын төмөнкүчө аныктаган: илим менен искусствого эмгектерди түзүүнүн белгилүү усулу жана аң-сезимдүү жүргүзгөн принцип таандык болсо, кол өнөрчүлүк адатка, белгилүү үлгүнү тууроого (мимезис) негизделген. Анын натыйжалары адамга ыракат тартуулайт.

Гегель искусствонун зор гносеологиялык баалуулугун белгилеп, аны абсолюттук рух тармагына кошкон. Искусство – бул өзүн эркиндикте аңдап сезген рух, ал рухтун субстанциялык абалынан көз

каранды [Гегель, Г. Эстетика [Текст]: в 4-х т. / Г. Гегель. – М.: Искусство, 1968. – Т.1. –330-б.].

XIX-XX кылымдардагы батыш европалык концепцияларда искусство интуициялык аспект (Б.Кроче, Дж.Джентиле), оюн-зоок (Ф.Шиллер, Й.Хейзинг, Г.Гадамер), физиологиялык тууроо (Г.Аллен) сыяктуу өзгөчөлүктөрү аркылуу түшүндүрүлөт. Көркөм өнөрдүн символикалык белгилик маңызын Э. Кассирер, Ж.Делёз, ал эми социалдык аспектилерди Т.Адорно, А.Банфи, М. Г.Гадамер жана башкалар изилдешкен. Б. Кроче жана А. Шопенгауэр көркөм чыгармалардын таанып-билүүчүлүк концепцияларын колдошкон.

Көркөм өнөр ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнөн айырмаланып, бүтүн система катары адамдын ички маңызын чагылдырат. Искусстводо индивид өзгөчө дүйнөнү табият сыяктуу эле эркин түзүүгө жөндөмдүү. Көркөм өнөр эстетикалык аң-сезимдин эң жогорку формасы болуп саналат. Ал – бүтүндүктү, мобилдүүлүктү, учурдагы туруктуулукту жана келечектеги багыттуулукту камсыздаган коомдук аң-сезимдин зарыл элементи. Маданият феномени катары искусство өзгөчө тилге, белгилик системага ээ болгон бир нече түрлөргө бөлүнөт.

Искусствонун предмети болуп адамдардын жашоосу эсептелет. Ал түрдүү мүнөзгө ээ жана көркөм образдардын көп түрдүү формаларында чагылдырылат. Көркөм образдар ойдон чыгаруунун натыйжасы экендигине карабастан реалдуулукту белгилейт. Ал искусстводо илимдеги түшүнүк сыяктуу эле функцияларды аткарат: анын жардамы аркылуу көркөм жалпылоо процесси ишке ашып, таанып-билинүүчү предметтердин маңыздуу бөлүгү бөлүнүп алынат.

XIX кылымдагы европалык философиялык ой жүгүртүүдө искусствонун эстетикалык концепциясы бекемделген. Анын альтернативдик теориясы катары Л.Н.Толстойдун теориясын белгилөөгө болот. Ал искусствонун маңызын анын сезимдик табияты менен байланыштырган. Чернышевский искусствону эстетикалык сезимдин таасири астында предметтерди өндүргөн ишмердүүлүк катары караган. Анын пикири боюнча реалдуулук дайыма искусстводон жогору турат. Адам үчүн кызыктуу болгон нерселерди чагылдырууну искусствонун максаты жана милдети деп эсептейт. Искусствону адамды, анын эмоционалдык, интеллектуалдык өнүгүүсүн тарбиялоонун өзгөчө усулу катары кароо зарыл [Чернышевский, Н. Статьи по эстетике [Текст] / Н. Чернышевский. –М.: Соцэкгиз,1938. – 316-б.].

Ж.Бодрийярдын, Э.Гидденстин, Ж.Делездин, Ж.Дерриданын, П.Козловскийдин, Ж.Ф.Лиотардын ж.б. эмгектеринде азыркы көркөм процесс постмодернисттик дискурстун чегинде

изилденген. Россияда бул аспект В.В. Бибихиндин, И.П. Ильинанын, В.В. Халиповдун, А.К. Якимовичтин жана башкалардын эмгектеринде кеңири каралган.

Т.Адорнонун, Г.Гадамердин, Н. Гартмандын, З.И. Гершковичтин, Э. Жильсондун, И.А. Ильиндин, М.А. Лифшиццдин, А.Ф. Лосевдин, Д.Лукачдын, П.А. Флоренскийдин эмгектери искусствонун онтологиялык концепциясына, акыйкаттын онтологиялык негиздерине багытталган.

С.С. Гольдентрихдин, Г.А. Давыдованын, А.М. Коршуновдун, А.Н. Леонтьеванын, А.Ф. Лосевдин, А.А. Нуйкиндин, В.П. Шестаковдун эмгектеринде искусствонун объективдүү жана субъективдүү, онтологиялык жана гносеологиялык диалектикасы изилденген.

Искусствонун үч теориясы кеңири жайылган: таанып-билүүчүлүк (А.Т. Калинкин, Н.П. Скурту жана башкалар), эстетикалык (А.И. Буров, Л.Н. Столович) жана тарбиялык (В.И. Толстых жана башкалар). Толстых искусствону коомдук аң-сезимдин жана ишмердүүлүктүн өзгөчө формасы катары аныктайт. Ал реалдуулукту көркөм образдуу формада чагылдырат. Мында искусство анын маңызы катары каралган эстетикалык түшүнүгү аркылуу аныкталат. Искусствону анын функциялары аркылуу түшүнүү Ивановго таандык. Е.Громов «искусстводо башкы функция жок, анда баары негизги» деп эсептеген.

Биринчи баптын **“Ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде искусство феноменинин иликтениши”** деп аталган экинчи параграфында кыргызстандык окумуштуулардын искусствонун маңызы жөнүндөгү идеялары изилденет.

Кыргыз искусствосу боюнча баалуу маалыматтарды камтыган иштердин катарына Ч.Ч. Валихановдун, Л.Ф. Костенконун, Г.С. Загряжкийдин, Г.Бардашевдин, П.Хорошиндин, Н.Л. Зеландын, В.В. Радловдун макалаларын, очерктерин кошууга болот. XX кылымдын башынан тартып кыргыз жасалга искусствосу бир топ изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган. Мында алгачкы изилдөөлөр катары венгер окумуштуулары Альмашинин жана А.Фелькерзамдын эмгектерин белгилөөгө болот.

Бул багыттагы изилдөөлөрдүн арасында М.В. Рындиндин кыргыз оймо-чиймесине багытталган фундаменталдык эмгеги өзгөчө орунда турат. Материалдык жана прикладдык искусствону изилдеген баалуу булак катары В.Н. Лазаревскаянын, Ю.В. Несверновдун жана Д.Бакеевдин фото сүрөттөрү, карандаш менен тартылган үй буюмдарынын сүрөттөрү өзгөчө орунда турат.

Революцияга чейинки адабияттарда «Орто Азия элдеринин килемдери» жөнүндө алгачкылардан болуп А.Фелькерзам жазган. XX кылымдын башында мамлекеттик орус музейи үчүн С.М.Дудин Кыргызстандын элдик искусствосу боюнча биринчи коллекциясын топтогон.

Кыргыздардын коомдук-философиялык, этикалык жана эстетикалык көз караштары А.А. Алтмышбаевдин, Б.А. Аманалиевдин, Ш.Б. Акмолдоеванын, Р.А. Амановanын, А.А. Бекбоевдин, Ж.Б. Бөкөшевдин, А.Ч. Какеевдин, Ы.М. Мукасовдун, Л.А. Прыткованын жана башка окумуштуулардын илимий эмгектеринде чагылдырылып, искусствонун айрым философиялык категориялары талкууга алынган.

Биздин этносубуздун эстетикалык дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрүнө арналган изилдөөлөрдүн арасында А.А. Салиевдин, Т.А. Аскаровдун, К.М. Матиевдин иликтөөлөрү өзгөчө мааниге ээ. А.А. Салиевдин искусствого арналган изилдөөлөрүнүн ичинен «Адам психологиясы жана искусство» аттуу эмгеги өзгөчө орунда турат. Анда көркөм-образдуу ой жүгүртүүнүн логикалык маңызы, психостазис мыйзамы, көркөм таанып-билүү жана психологиялык көркөм маданиятка тарбиялоо жөнүндөгү маселелер иликтенген.

2002-жылы В.А. Кореняко «Борбордук Азия элдеринин искусствосу жана айбанаттар стили» аттуу эмгегинде байыркы көчмөн искусствосунун генезисинин жаңы гипотезасын ачкан.

Кыргыздардын эпикалык маданиятынын генезисин изилдөөдө КРУИАнын академиги, атактуу философ, философия илимдеринин доктору А.Ч. Какеевге зор роль таандык.

Т.А. Аскаровдун «Эстетикалык жаңы сапаттарга», «Эстетическое постижение мира», «Эстетическая природа художественной условности» аттуу эмгектеринде «эстетикалык» түшүнүгү методологиялык жактан талдоого алынып, анын философиялык ченеми көрсөтүлүп, көркөм шарттуулуктун ар тараптуу мааниси ачылып берилген.

Ал эми К.М. Матиев “Искусстводогу лирикалуулук эстетикалык кубулуш катары» аттуу изилдөөлөрүндө «искусство реалдуулукту таанып-билүүгө өбөлгө түзүп, адамды коштоп жүрөт» деп белгилеген.

Дж.Т. Уметалиева өзүнүн “Кыргызстандын көркөм искусствосунун калыптанышы жана өнүгүшү”, “Кыргыз көркөм мектебинин калыптануу өзгөчөлүктөрү” аттуу илимий эмгектеринде кыргыздардын элдик чыгармачылыгын талдайт. Анын “Кыргызстандын көркөм сүрөт искусствосу” аттуу эмгегинде көркөм сүрөт өнөрдүн түрлөрү искусствонун тигил же бул түрүнүн, өнүгүү деңгээлинен көз карандылыкта талдоого алынат. Бул китептин илимий-практикалык

мааниси кыргыз сүрөтчүлөрүнүн тажрыйбасын жалпылоодо, улуттук көркөм мектептин өзгөчөлүгүн аныктоодо жана анын спецификалык айырмачылыктарын тактоодо турат.

Адамзат цивилизациясынын контекстинде калкыбыздын искусствосундагы дүйнө тааным, адам болмушу маселелерин жана маданияттын баалуулук идеяларын изилдөөдө Р.А. Ачылованын, А.А. Бекбоевдин, Ж.Б. Бөкөшевдин эмгектериндеги философиялык мүнөздөгү жалпы жоболордун мааниси өтө зор. Бул изилдөөчүлөрдүн эпистемологиялык иликтөөлөрүндө философия менен искусствонун диалектикалык өз ара байланыштары аркылуу көркөм өнөрдүн маани-маңызындагы философиялык жоболордун, проблемалардын алган орду көрсөтүлгөн.

К.Ш. Дюшалиевдин "Кыргыз эл ырлары, термелери жана дастандары" аттуу эмгегинде вокалдык музыкага таандык болгон бардык жанрлар чагылдырылган: мында байыркы ырлардан баштап, азыркы мезгилдеги көрүнүктүү элдик ырчылардын аткаруусундагы классикалык ырлар жана дастандар камтылган.

С.М. Мукасов «Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы» аттуу монографиясында кыргыз элинин социалдык ой жүгүртүү салты коомдун турмуштук керектөөлөрүнө жооп катары пайда болуп, муундан-муунга өтүп, сакталып келгендигин белгилейт. Аны түзүүгө элдик масса, алдыңкы адамдар, ой жүгүртүүчүлөр, акындар, сүрөтчүлөр прогрессивдүү идеялары менен катышышкан.

Н.К. Саралаевдин эмгектери философиянын тарыхындагы теориялык проблемаларга арналып, биздин изилдөөгө методологиялык негиз иретинде зор кызмат аткарат. Анын «Түшүнүктөр дүйнөсү: мифтен теорияга» жана «Тарыхыйлуулук жана логикалуулук: ноуменден феноменге» аттуу эмгектеринде аталган категориялардын түшүнүктүк эволюциясы филогенездик жана онтогенездик феноменологиянын жана философиянын тарыхый эволюциялык процесстеринин негизинде изилденген.

Профессор Л.А. Прыткованын «Кыргызстанда сүрөт искусствосунун өнүгүшүндөгү чыгармачыл индивидуалдуулук» аттуу докторлук ишинде улуттук көркөм мектептин калыптануу баскычтарында кыргыз сүрөтчүлөрүнүн түрдүү муундарынын чыгармачылыктарынын негизинде сүрөтчүлөрдүн же искусство чеберлеринин индивидуалдуулугунун калыптанышы жана өсүшү, алардын республиканын маданиятын түзүүдөгү орду жана ролу изилденген. Тагыраак айтканда, республикадагы сүрөтчүлөрдүн жекелигин изилдөөнүн тарыхы, чыгармачыл индивидуалдуулукту

изилдөөчү методологиялык жагдайлар, Кыргызстанда кесиптик сүрөтчүлөрдүн калыптануу этаптары, чыгармачыл индивидуалдуулуктун социомаданий шарттары каралган [Прыткова, Л.А. Творческая индивидуальность в развитии изобразительного искусства Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. … д-ра искусствоведения / Л.А. Прыткова. – Санкт-Петербург, 1996. – 3-47-б.].

Профессор Ч.Т. Уметалиева-Баялиева “Истоки и эволюция речевого языка и музыки: культурологический анализ” аттуу докторлук диссертациясында адамдын тилинин булактарын жана эволюциясын изилдеп, чагылдыруунун «музыкалык тил» жана «речтик тил» сыяктуу фундаменталдык формаларында чагылдырылган дуалдык маңызын карайт. Автор речтик тилдин жана музыканын эволюциялык антропологияга чыгышы менен коштолгон келип чыгуу маселелерине көңүл бурат. [Уметалиева-Баялиева, Ч.Т. Истоки и эволюция речевого языка и музыки: культурологический анализ [Текст]: авт. дис...д-ра культурологии/ Ч.Т.Уметалиева-Баялиева. -Бишкек, 2017. –3-б.].

Профессор Р.А. Аманова өзүнүн «Кыргыз оозеки салттуу профессионалдык музыкасы» аттуу докторлук диссертациясында музыка өзүнүн материалдык жана руханий маданияттын көп кылымдык натыйжасында түзүлгөн дүйнөнүн сүрөтүн бүтүндүк түрүндө чагылдыруучу жөндөмдүүлүккө ээ экендиги изилденет.

Г.Э. Садыкованын «Кыргыз маданиятындагы символдор» аттуу монографиясында маданияттардагы символдордун маңызы, алардын калыптануу, функциялануу өзгөчөлүктөрү, ошондой эле кыргыз маданиятынын өнүгүүсү изилденген. Этникалык маданияттын контекстинде символдордун эволюциялык маңызынын маданий-философиялык маанисин талдоодо белгилердин, символдордун семиотикалык маңызын ачып берүү максатка ылайыктуу. Алардын көпчүлүгү салттуу кыргыз социумунун системасындагы демейки маданиятта кеңири колдонулуп, калыптанган.

Биринчи баптын **“Кыргыз искусствосу салттуу маданияттын системасында”** деп аталган үчүнчү параграфында этноискусство традиционализм контекстинде изилденет.

Кыргызстандагы салттуу маданият өтө маанилүү, күнүмдүк турмушта кеңири кездешкен кубулуштардын бирине кирет. Көчмөн жашоо менен анын бардык чөйрөлөрү, тагыраак айтканда, майрамдар, элдик кол өнөрчүлүк, ыр, музыка жана башкалар тыгыз байланышкан. Этностун жашоо образы үчүн «кыргыз кумурасы» деген аталыштагы чопо буюмдары мүнөздүү. Алар формалары боюнча айырмаланып турушат. Алардын көпчүлүгү жумуртка сымал формага ээ. Кыргыз

кумуралары цилиндр жана арча үлгүсүндөгү оймо-чиймелер менен жасалгаланган. Чоподон жасалган кумуралардан тышкары буюмдардын жабыштырылып жасалган формасы да кеңири колдонулган, мисалы, казан жана башка үй-тиричилик буюмдары. Кыргыз бай-манаптары өтө кымбат темир, алтын, күмүштөн жасалган күнүмдүк тиричиликке колдонулган идиштерди кеңири пайдаланышкан.

Чаа-тас доорундагы кыргыз эстеликтеринде курал-жарактардын аз саны катталган. Чаа-тастарда бир жактуу канжарлар, калкандар, согуштук балталар табылган. Кыргыз аялдары, ошондой эле эркектери да сөйкө тагынышкан. Кооздук жасалгасы катары аялдар билериктерди, тыйындарды кошуп тагынышкан. Таштык доорунан бери сакталып келген жылкылардын схемалык сөлөкөттөрү чагылдырылган тумарларды эркектер тагынышкан. Кой жаныбарынын алтын, күмүш, коло менен жалатылган жыгач сөлөкөттөрү таштык доорундагыдай эле, маркумдарды коштогон эбегейсиз үйүрдүн символу катары кызмат өтөгөн. Чаа-тас коргондорунда жер казуучу курал-жарактар, темир оroктор, күрөктөр жана башкалар кездешет.

Көчмөн жашоо образын негизги мал чарбачылыгы түзгөндүгүнө байланыштуу элдин күнүмдүк турмушунда териден жасалган буюмдар кеңири жайылган. Көөкөр оймолор менен жасалгаланган. Ал суюкту бир жерден экинчи жерге алып барууга ыңгайлуу болгон. Көөкөр шырылган териден жасалып, дарактай бекем болгон. Андагы оймо-чиймелер жыгачтан кесип жасалган саймаларды элестеткен. Мындай оймолор менен ат жабдыктары да жасалгаланган. Териден жасалган буюмдарда элдик чеберлер негизинен аппликацияга кайрылышкан. Аппликация ыкмасы менен түрдүү түстөгү терилер аркылуу сандыктар, идиш-аяк сактоочу буюмдар жасалгаланган.

Кыргыздарда жасалга-колдонмо искусствонун кеңири жайылган түрү болуп жыгачты көркөм иштетүү саналган. Мындай жасалгалар катары комуз музыкалык аспабын эсептөөгө болот.

Улуу муундагы аялдар жибекти иштетүү ыкмаларын, элдик чыгармалардын кооз үлгүлөрүн түзүүдө аны кайрадан иштетүү, боёо ыкмаларын жаштарга үйрөтүшкөн. Түрдүү саймалар, жасалгалоолор жалгыз эле тиричилик буюмдарды, кийимдерди гана эмес, турак жайларды да кооздоо үчүн колдонулган.Шырдак боз үйдүн ички жасалгасынын ажырагыс бир бөлүгү, анын зарылдыгы адамдын жашоо-тиричилиги менен байланышкан. Шырдакка түшүрүлгөн оюулар бир окуяны же тарыхты чагылдырып тургандыгы белгилүү.

Шырдактагы оймолор маанисине карата геометриялык, жаныбарлар жана өсүмдүктөр сыяктуу түрлөргө бөлүнөт. Адам кейиптенген, турмуш

тиричилик жана ар нерсени түздөн-түз сүрөттөгөн оймо-чиймелер сейрек кездешет. Булар аалам жана андагы табияттын кубулуштары менен байланышкан түшүнүктөрдөн улам келип чыккан. Мына ушундай эң байыркы оймо-чиймелер менен жер-суу, тоо-таш, аалам-асман, өнүгүү-көбөйүү жөнүндөгү түшүнүктөрүн чагылдырышкан.

Н.Холфиндин пикири боюнча «элдик бийди, анын формаларын жана стилин издөө оңойго турган эмес, аны табуу үчүн кыргыздардын эмгек процесси, өлкөнүн жаратылыш өзгөчөлүктөрү, тиричилиги менен байланышкан оймо-чиймелер менен таанышуу зарыл болгон. Мында улуттук бийлердин бири катары кийиз бийин кароого болот». Н.Холфин кийизди даярдоодогу аялдардын иш аракетин терең сүрөттөй алган. «Кийиз» бийинин табигый мүнөзү, аткаруучулардын ишмердүүлүгү бийде болуп жаткан көрүнүштөрдүн жөнөкөйлүгү жалпы коомчулук тарабынан жогору бааланган. Аталган бий улуттук хореографиянын башаты сыяктуу бүгүнкү күндө да чыныгы элдик көркөм өнөр катары коомчулукта кеңири жайылган. Биринчи кыргыз бийлери элдин жашоосун, күнүмдүк тиричилигин кеңири окуп үйрөнүүнүн негизинде пайда болгон [Уразгильдеев, Р.Х. Проблемы становления и развития Кыргызской хореографии [Текст]: автореф. дис. … д-ра искусствоведения: 17.00.01 /Р.Х. Уразгильдеев. – М., 1995. – 6-б. ]

Кыргыз улуттук спорт оюндарынын тарыхы байыркы көчмөн жашоо менен тыгыз байланышкан. Алардын ичинен «Көк бөрү» эң белгилүү жамаат оюндарынын бири болуп эсептелет. Бул спорт оюну жылкыны башкарууда чыдамкайлыкты, физикалык күчтүүлүктү жана чеберчиликти талап кылат. Мында жылкыга да чоң талаптар коюлат. Ал ээсин угуусу, эр жүрөк, күчтүү болушу шарт. Ошондой эле «Эр эңиш» – чабармандын аттын үстүндөгү күрөшү да кеңири жайылган. Бул мелдештин максаты болуп атаандашын жулуп түшүрүү эсептелет. Андан тышкары ат менен байланышкан оюндарынын ичинен кыргыздар үчүн «Улак тартыш», «Көк бөрү», «Жамбы атмай» жана «Кыз куумай» сыяктуу улуттук оюндары бар. Жогоруда аталган спорт оюндарынан тышкары улуттук интеллектуалдык оюндар да учурайт. Алардын катарына «Тогуз коргоол» оюну кирет. Кыргыздардын ар бир майрамында күч сыноочу «Аркан тартмай» жана «Күрөш» оюндары ойнолот.

«Алыш» күрөшүнүн тарыхы байыркы мезгилге таандык. Күрөштүн бул түрү кыргыз элинде байыркы спорт оюндарына кирет. Бул спорт оюндары Европа жана Азиянын жетимиштен ашуун өлкөлөрүндө кеңири жайылган. Ал жөнүндө «Манас» эпосунда терең берилген (Кошой жана Жолойдун күрөшү).

Экинчи бап **“Кыргыз искусствосунун социалдык-философиялык маңызы”** деп аталып, үч параграфты камтыйт.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** болуп социомаданий баалуулук катары искусство саналат. Ал эми изилдөөнүн **предмети** катары искусствонун онтологиялык-гносеологиялык, аксиологиялык, эстетикалык-этикалык маңызы эсептелет.

Экинчи баптын **“Искусствонун онтологиялык-гносеологиялык мазмуну”** деп аталган биринчи параграфында көркөм өнөрдөгү болмуш, таанып-билүү маселелери каралат.

Искусствонун онтологиясы көркөм чыгармалардын болмушунун баштапкы принциптерин, анын символикасынын болмуштук маңызын изилдейт. Алгачкы этаптарда искусствонун онтологиясы көркөм чыгармалардын сезимдик материалдык объектиси катары болмуш өбөлгөлөрүн, анын мазмунунун объективдүүлүгүнүн даражасын, көркөм өнөрдүн кабыл алуучу субъектиден жана тарыхый-маданий контексттен көз карандылыгын талдоого алган.

Аристотель үчүн искусство чыгармаларынын негизги функциясы болуп тууроо эсептелет. Өзүнүн «Поэтикасында» тууроо сөзүнүн синоними катары «мимезис» терминин колдонгон. Анын искусство жөнүндөгү түшүнүгүндө үч учур камтылган: реалдуулукту сүрөттөө; сүрөтчүнүн чыгармачыл элестөөлөрү; искусствонун идеалга умтулушу. Мимезистин максаты – предметти аңдап сезүү, таанып-билүү. Ал жөнүндө билимдерге ээ болуу канааттануу сезимин ойготот. Антикалык философтор искусствого карата көркөм сүрөттөө, кайра өндүрүү, чагылдыруу сыяктуу түшүнүктөрдү колдонушкан.

Орто кылымдарда «мимезис» термини жаңы образдуу символика менен байыган. Кайра Жаралуу, Агартуу доорлорунда да искусствонун реалдуулукту жана адамдардын жашоосун тууроо жөнүндөгү түшүнүгү колдоого алынган. Искусствону реалдуулуктун образы катары кароо Гегелге, Шеллинге, Шиллерге да мүнөздүү.

Х.Г.Гадамер онтологиянын жана герменевтиканын ири өкүлү болуп эсептелет. Эстетиканы герменевтикалык түшүнүүдө ал гносеологиялык компонентти бөлүп карайт. Анткени искусство өзгөчө түрдөгү таанып-билүү болуп саналат. Гадамер «искусствонун таасир тийгизүүсү эстетикалык эмес жагдайларга кирет» деген жобону колдогон. ХХ кылымда онтология проблемасы Гуссерлдин феноменологиясында, Хайдеггердин метафизикасында, Ортега-и-Гассеттин экзистенциализминде, Р.Барттын семиотикасында иштелип чыккан.

Акыркы мезгилдерде адамзат ааламдашуу процесси менен шартталган терең трансформацияларга дуушар болууда, бул жагдай искусствого анын коомдук жашоодогу жана ар бир адамзат турмушундагы ролуна белгилүү таасирин тийгизбей коё албайт, мындай абал адамдын жана коомдун негиздери, коом жана индивид менен байланышкан бардык жагдайлар туралуу ой-жүгүртүүгө мажбурлайт.

Искусство өзүнүн максаты, багыттары боюнча ар тараптуу мааниге ээ. Бул жагдайда В.И.Красиков онтологиянын бир нече түрүн бөлүп карайт: биринчиден, конформизм онтологиясы боюнча бардык нерселер мимезиске баш иет. Мында сүрөтчүнүн милдети курчап турган объективдүү реалдуулукту адекваттуу таанып-билүүгө жөндөмдүү окумуштуунун милдети менен окшош каралат. Экинчиден, прогрессизм, утопизм онтологиясы сүрөтчүнү идеолог, пайгамбар катары көз караштарын чагылдыруунун натыйжасында пайда болот. Үчүнчүдөн, натурализмди, фотографизмди, демейки тиричиликти чагылдырган поп-арт сүрөтчү объективдүү реалдуулукка орун бошотуп берет. Төртүнчү жагдайдытөңкөрүш онтологиясы катары сүрөттөгөн. Анда драмалык жана романтикалык дискурстар эмансипациялык риторика жана катарсис менен коштолот. Автор бешинчи орунда эскапизм онтологиясын бөлүп караган жана ага сыйкырдуу легендаларды, орто кылымдардагы драмаларды кошкон [Красиков В.И. Конструирование онтологий. Эфемериды.-М.: Водолей. 2007.– 49-б.].

Элитардык искусство – өзгөчө көркөм кабыл алуучулукка жөндөмдүү болгон адамдардын аз сандагы тобуна багытталган искусство. Элитардык искусствонун концепциясы – коомдун элитасына гана түшүнүктүү болгон өнөрдүн өзгөчө формаларынын болмушун негиздеген социалдык, физикалык жана эстетикалык теориялар. Ал эми эстетизм – элитага гана мүнөздүү болгон искусствого карата өзгөчө мамиле.

Массалык искусство –элитардык искусствого каршы турган түшүнүк. Ал – бардыгына түшүнүктүү, жөнөкөй, көрүүчүлөрдүн кеңири катмарына багытталган, түшүнүү үчүн атайын даярдыкты талап кылбаган искусствонун түрү. Массалык искусство бардык мүмкүн болгон каражаттар аркылуу кеңири жайылып, пайда табууга так багытталган, баштапкы учурда «орто адамга» эсептелген. Тажрыйбада көрсөтүлгөндөй, ал ар кандай коомдо сандык түрдө басымдуулук кылат, андыктан пайда табууну камсыздоого жөндөмдүү. Мындай «орто адам» өздүк аныктамага ылайык жогорку көркөм баалуулукка ээ болбогон искусствонун жөнөкөйлөтүлгөн үлгүлөрүнө багытталган, ал искусствону «керектейт».

Классикалык искусство – байыркы мезгилден тартып XX кылымга чейинки тарыхты камтыган «чоң стилдердин» доору. Ал келечекке норма катары үлгү болгон толук маанидеги көркөм салтты билдирет.

Искусствонун гносеологиясы көркөм чыгармалардын таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн изилдейт. Көркөм өнөрдөгү таанып-билүүнүн натыйжасы болуп билимдер эле эмес, көркөм реалдуулуктагы маанилердин жалпы системасы эсептелет. Көркөм чыгармачылык менен реалдуулуктун өз ара мамилеси жөнүндөгү маселе изилденип жаткантабиятын түшүнүү, ошондой эле искусствонун образдык спецификасын ачып берүүнүн негизи катары кызмат аткарат.

Искусство чыгармаларында сүрөтчү тарабынан чагылдырылган материал курчап турган айлана-чөйрөнү жана адамдардын руханий дүйнөсүнүн белгилүү жактарын чагылдырып, өзгөчө реалдуулук катары кызмат аткарат. Сүрөтчү өзүнүн чыгармаларында жаратылыштын, социумдун, адамдын жашоосун, ошондой эле реалдуулуктагы кубулуштарды чагылдырат жана аларды көркөм образдардын жардамы аркылуу түшүндүрөт. Мындай образдар реалдуу жашоонун иллюзиясын түзүп, реалдуулукту тууроо жанданган дүйнө сыяктуу көркөм касиетке ээ. Живопись – бул кандайдыр предметти чагылдыруу эмес, ал эмоционалдык абалдарды жана курчап турган дүйнөнүн абалын, адамдардын мүнөздөрүн боёктор аркылуу терең чагылдырып берет.

Жасалга-колдонмо искусство салттуу түрдө жыгач, ылай, кездеме, айнек, металл сыяктуу материалдарды колдонот. Аталган искусство архитектура скульптура, живопись менен тыгыз байланышта. Мында эмоционалдык натыйжалар көркөм каражаттын жалпы комплекстүүлүгүнө, көлөмүнө, түсүнө, элементтердин ритмикалык кайталануууларына жана башкаларга көз каранды болот. Ислам дини адамды жана жаныбарларды чагылдырууга тыюу салган, бирок искусство бул өзүнчө образдуу аралыкты мечиттердеги, мавзолейлердеги, мунаралардагы декоративдик оймо-чиймелер менен толуктап турган.

Музыкада үн көркөмдүүлүктүн жана эмоционалдуулуктун образдуу негизин түзөт. Андагы үн белгилүү образда түзүлгөн жана ал интонациялык табиятка ээ. Көркөм өнөрдүн бул формасындагы жалпылаштырылган образдардын баары чоң эмоционалдык күчкө ээ болгондуктан, ал өтө ийкемдүү сезимдердин сүртүмдөрүн жана адамдын психикалык абалын берүү күчүнө ээ. Музыка ар бир угуучунун үндөрдү угуусуна, кабыл алуусуна жараша сезимине активдүү таасир тийгизет. Музыкалык искусство нервге түздөн-түз өз алдынча физиологиялык таасир тийгизүү маңызына ээ. Үн музыкада белгилүү формадагы

мелодияны, ошондой эле жанрды, стилди жана башка ушул сыяктууларды түзүп берет.

Театрда, кинодо жана бийде искусствонун материалы катары актёрдун табигый үнү, фигурасы, кыймылы, психикалык абалы, ошондой эле декорация, музыка, жарык жана башкалар кызмат аткарат. Театр, кино, бий искусстволору жашоонун кыймылын, өнүгүүсүн чагылдырууга жөндөмдүү.

Искусствонун бул түрлөрүнүн табияты (театр, кино, бий) синтетикалык мүнөзгө ээ. Өзүнүн аракеттик-оюндук спецификасынын негизинде живопистин, архитектуранын, адабияттын, музыканын каражаттарын бириктирип турат. Жогоруда аталгандар аларды өздүк спецификасына ылайык колдонот. Ал бир жагынан кинематографтардын мүмкүнчүлүгүн кеңейтсе, экинчи салттуу элементтерди сүрүп чыгарат.

Ал эми бий адамдын эмоционалдык абалын тиешелүү кыймыл – аракет аркылуу чагылдырат. Кала берсе адамдын басканы кубанычтуу, кайгылуу болушу мүмкүн. Хореография эмоционалдык түрдөгү кыймылдардын ар түрдүү көркөм формаларын музыкалык каражаттар аркылуу көрүүчүлөргө жеткирүүгө жөндөмдүү. Бий искусствосундагы көркөм образдар адамдын денесинин кыймылы аркылуу музыкалык шарттуулуктун негизинде түзүлөт. Станиславский пластикалык кыймылды “ички сезимдердин чагылдырышы” деген ойду билдирген [Станиславский К. С. собрание сочинений [Текст]: в 8-ми т., т. 1./ К. С.Станиславский. -М., "Искусство", 1954. -90-б.].

Экинчи баптын **“Элдик искусствонун аксиологиясы”** деп аталган экинчи параграфында көркөм өнөрдүн баалуулуктук аспектиси изилденет.

Баалуулук феномен жана аксиологиянын предмети катары өзүнүн спецификасына ээ. Табияты боюнча идеалдуу, тагыраак айтканда, аксиологиялык ченемдерди сезүү органдары аркылуу аңдап-билүүгө мүмкүн эмес. Буларга жакшылык, жамандык, адилеттүүлүк, коодук сыяктуу категориялардын маңызы кирет.

Арбир элде жакшылык жана жамандык жөнүндөгү элестөөлөр өдүк спецификалык жагдайларга ээ, андан тышкары алар доордон доорго карай трансформацияга дуушар болуп турушан. Орто кылымдарда Европада жана Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндөгү этикада, философияда теоцентризм басымдуулук кылып, эң жогорку жыргалчылык катары абсолюттук башат Кудай, ага карата сүйүү, сыйынуу, Кудайдын осуятын кынтыксыз аткаруу эсептелген. Тескерисинче, Кудайдан алыстоо күнөө деп саналган. Бул мезгилдеги философияга акыйкат, жакшылык жана коодук сыяктуу түшүнүктөрдүн үчилтиги кирет. Алар жогорку руханий

баалуулуктарды символдоштуруп, аталган түшүнүктөргө карата урматтоочулук мамилени талап кылган.

Орто кылымдардан айырмаланып, Кайра жаралуу доорунда жогорку баалуулук катары жандуу жана ишкердүү адам эсептелген жана бакытты асмандан эмес, жерден издөө жөнүндөгү ойлор сунушталган. Бул мезгилдеги маданиятта адамды эң жогорку баалуулук жана коомдун максаты иретинде караган гуманизм калыптанган. Мындай мамиледе жашоого жана адамга карата мамиледе гуманизм философиясы, этика, эстетика калыптанган. Алар адамдын кудайга теңдигин, өздүк баалуулугун жана өздүк жетишкендигин белгилешкен.

Жаңы мезгилде (XVII-XIX кк.) эң жогорку жыргалчылык катары илимий билимдерге ээ болуу саналган (Ф.Бекон «Билим күч» деп айткан). Р.Декарттын пикири боюнча «Мен ой жүгүртөм, демек, жашайм» [Декарт Р. Размышления о первой философии [Текст] / Р. Декарт -СПб.: П.П. Сойкин, 1903. – 61-б.]. Бул доордо адамдарды курчап турган объективдүү реалдуулук практиканын объектиси, тагыраак айтканда, өнөркана катары кабыл алынган. Жаңы мезгил адамды руханийликке ээ болгон ой жүгүртүүчү, ишмердүү субъект катары бөлүп караган. И.Кант баалуулук түшүнүгүн киргизип, аны өзүнүн антропологиясында колдонгон, мында ойчул парыз, абийир, ар-намыс сыяктуу нравалык баалуулуктарга басым жасаган. Тескерисинче, классикалык марксизмде революция, эркиндик, теңдик, адилеттүүлүк сыяктуу социалдык саясий баалуулуктар баса белгиленген. Ф.Ницше өзүнүн «жогорку адам» жөнүндөгү окуусунда идеалдарды жана баалуулуктарды кайрадан карап чыгууну сунуштап, аксиологиялык ченемдердин тепкичи жөнүндөгү маселени караган [Ницше Ф.К генеалогии морали [Текст] / Ф. Ницше Собр. соч. в 2 тт. под ред. К.А. Свасьяна, – М.: 1990, – т. 2. – 125-б.].

XX кылымдын ортосунда аксиология философиялык билимдин структурасында көрүнүктүү орунду ээлеген. Андан сырткары адамзаттын глобалдык проблемаларынын күчөшү менен айрым агымдарда аксиологиялык проблемалар алдыңкы орунга чыккан. Учурдагы тарыхый мезгилдин мүнөзү аксиологиялык ченемдерди түп тамырынан кайрадан баалоо, тагыраак айтканда, чөйрөгө карата мамиле индивиддин жашоо максаттары жөнүндөгү проблемаларды кайрадан карап чыгуу маселесин алдыңкы орунга койду. Аны менен катар эле азыркы философияда цивилизациянын кризисинин терең булактары катары болгон керектөөчүлүк, тоталитардык идеология, табиятка карата утилитардык мамиле, агрессивдүү согуштар сыяктуу асоциалдык кубулуштарга жана антибаалуулуктарга терең көңүл бурулууда.

Көркөм өнөр коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн камтып, маанилүү функцияларды аткарат: мисалы, коомдук түзүүчү функция, мында искусствонун бардык формалары агартуу, билим берүү каражаты иретинде бааланат. Искусстводо камтылган таанып-билүүчүлүк маалымат эбегейсиз, ал биздин дүйнө жөнүндөгү билимдерибизди толуктайт. Көркөм өнөр – дүйнөнү таанып-билүүнүн, инсандын өзүн аңдап сезүүсүнүн каражаты, ошону менен катар эле көркөм өнөр коммуникациялык милдеттерди аткарат. Коомдук аң-сезимдин башка формаларынын тарбиялык таасир тийгизүүсү жеке мүнөзгө ээ: мораль нравалык нормаларды, саясат саясий көз караштарды, философия дүйнөгө болгон көз караштарды калыптандырса, илим адистерди даярдайт, ал эми искусство адамдын акылына жана жүрөгүнө комплекстүү түрдө таасир тийгизет. Искусство ишмердүүлүгүнүн функциясы да зор мааниге ээ. Өзгөчө образдардын, сезимдердин жардамы менен көркөм өнөр адамдын психикасына белгилүү таасир тийгизет.

Искусствонун эстетикалык функциясы буюмдарды жаратуу жана алардын кооздугуна жетүү менен байланышкан эмоционалдык рахаттанууну пайда кылат. Адамдын сезүү органдарынын жардамы менен түзүлгөн дүйнөнүн эмоционалдык сүрөтүнүн уландысы катары реалдуулукту чагылдырат. Эстетикалык функция искусствонун башка функциялары менен тыгыз байланышкан. Көркөм өнөр аркылуу адам кооздукту, анын идеяларын жана принциптерин таанып-билүүгө жөндөмдүү. Кооздук адамды тарбиялап, эң жогорку, алдыңкы сапаттарды калыптандырат.

Эстетикалык функция – адамдардын эстетикалык табиятын, жөндөмдүүлүктөрүн, керектөөлөрүн калыптандырат, аны менен катар дүйнөдө баалуулуктук багыт берет, инсандын чыгармачыл рухун ойготот. Жогоруда айтылгандар менен катар эле көркөм өнөр гедонисттик функцияны аткарат. Бул – сүрөтчү тарабынан татаал турмуштук материалга ээ болуу, мазмун жана форманын гармониясы, иретке келтирилген көркөм дүйнө, реалдуулуктун кооздуктун мыйзамдарынын негизинде түзүлүшү жана көркөм чыгармачылыктын оюн-зооктук аспектиси.

Тарбиялык функция жалпы түшүнүк сыяктуу нравалуулукту (нравалык-тарбиялык функция) жана идеологиянын элементтерин (тарбиялык-идеологиялык функция) өз ичине камтыйт жана агартуучулук (тарбиялык-агартуучулук функция), гумандуулук аспектилеринин (тарбиялык функция) тегерегиндеги проблемаларды карайт. Чындыгында тарбия түшүнүгү жетишерлик деңгээлде терең, көлөмдүү мааниге ээ. Искусство тарбия берүү менен бирге зор

агартуучулук күчкө ээ. Андыктан искусствонун таанып-билүүчүлүк жана тарбиялык функцияларын бөлүп кароого болбойт. Чыгармачылык инсандын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн күчөтөт. Искусствонун чыгармаларынын маанисин терең түшүнүү үчүн мазмундук пландагы билимдер менен катар эле колорит, композиция, перспективжөнүндө билимдер зарыл. Көркөм өнөрдөгү таанып-билүү ар дайым эмоция менен айкалышат. Чыгармачыл ишмердүүлүк дүйнөнү таанып-билип эле тим болбостон, андагы окуяларды аңдап сезип, ички дүйнөсү аркылуу өткөрөт. Көркөм өнөрдө биринчи орунда таанып-билүүчүлүк акт турбастан, маалымат, логика сыяктуу жагдайлар эле маанилүү болбостон, материалды берүү зор мааниге ээ.

Адам сезимдердин жардамы менен искусстводогу идеяны ачат. Искусстводогу таанып-билүүнү сезе билүү катары карашат. Выготскийдин пикири боюнча “искусство чыгармаларындагы таанып-билүү да ой жүгүртүүнүн эмоционалдык-аффектилик актысы болуп саналат”. Бул фактыларды жана окуяларды терең эске салууга жардам берет, ошондой эле ал эмоция аркылуу аң-сезимге өтөт. Искусстводогу билим “сезимдик билим” менен байланышкан жана ал адам үчүн сырткы көрүнүш катары эмес, инсандын ички руханий дүйнөсүнүн бир бөлүгү катары эсептелет.

Көркөмдүүлүк мазмун жана форманын органикалык дал келишин түшүндүрөт. Мында мазмун көркөм образдын ички мааниси, ошондой эле анын руханий маңызы, ал эми формасы – материалдык түзүлүш, образ – руханий маанисинин чагылдырылышы катары каралат. Мазмун көркөм эмоционалдык формада чагылдырылганда гана көркөм форма мазмунга ылайык келет. Көркөм форманын максаты – жашоону, анын бардык конкреттүү индивидуалдуулугу, мыйзамдуулугу, типтүүлүгү аркылуу чагылдыруу. Анын милдети болуп предметти жана сүрөтчүнүн сезимдерин реалдуу түрдө ачып берүү эсептелет. Форма предметтүү түрдө болушу максатка ылайыктуу. Форма сезимдик мүнөзгө ээ болгондо гана мазмунду чагылдырат. Анын эмоционалдык даражасы материалдан да көз каранды.

Көркөм форма менен мазмундун биримдиги искусство чыгармаларынын уюштуруучулук бүтүндүгү менен шартталат. Бирок бул биримдик абсолюттук окшоштук эмес. Ал өз ара дал келүүчүлүктүн белгилүү даражасы болуп саналат. Конкреттүү мазмунга ылайык келген конкреттүү форма гана дал келет. Искусство чыгармаларынын мазмуну формадан тышкары жашабайт. Көркөм мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон адекваттуу форма гана мазмунду берүүгө жөндөмдүү. Искусство адамзатты бардык мезгилде, кырдаалдарда коштоп келет. Ал –демейки

объективдүү дүйнө менен катар жашаган параллелдүү реалдуулук. Чыгармачылык социумда болуп жаткан бардык процесстер менен тыгыз байланышкан. Коомдук тартипти кайра түзүү процесси искусствонун активдүү жардамысыз натыйжага ээ боло албайт. Ал бир эле мезгилде алардын чагылдырылышы, кабыл алынышы жана себеби катары баалуу. Демек, искусство коомдук аң-сезимдин маңыздуу бөлүгү болуп саналат.

Экинчи баптын **“Искусствонун эстетикалык-этикалык проблемалары”** деп аталган үчүнчү параграфында көркөм чыгармалардагы эстетикалык-этикалык аспектилер талдоого алынат.

Көркөм ой жүгүртүү – жаратылыштык жана социалдык реалдуулукту чагылдыруунун өзгөчө өбөлгөсү. Ал адамдын бүтүндүгүн өздөштүрүүгө умтулат. Көркөм ой жүгүртүүнүн максаты болуп реалдуулукка карата эстетикалык мамилени калыптандыруу эсептелет. Бирок эстетикалык мамиле жалгыз эле максат эмес, көркөм ой жүгүртүүнү объективдештирүүнүн каражаты катары да баалуу. Анткени искусство реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүүнү эмоционалдык-сезимдик уюштурууну камсыздайт.

Сократ «коздук идеясын космос менен эмес, адам менен айкалыштыруу зарыл» деп белгилеген [Шестаков, В.П. Очерки по истории эстетики. От Сократа до Гегеля [Текст] / В.П. Шестаков. – М.: Мысль, 1979. – 372-б.]. Анын пикири боюнча «кооздуктун жалпы принцибине максатка ылайыктуулук кирет». Бизди курчап турган реалдуулук гармониялык мүнөздө түзүлгөндүгүнө байланыштуу (дүйнө – бул космос) андагы ар бир процесс, буюмдар белгилүү максатка багытталган. Бул жагдай аны кооз көрсөтөт. Сократ кооздукту идеалдуу жогорку көрүнүш иретинде карагандыгына байланыштуу искусствонун милдети болуп жаратылышты эмес, ошол биринчи образды тууроо саналат.

Платон Сократтан айырмаланып “эстетиканын милдети – кооздукка жетишүү” деп эсептеген [Лосев, А.Ф. История античной эстетики [Текст]: в 8-ми т. / А.Ф. Лосев. – М.: Искусство, 1969. – Т. 2: Софисты. Сократ. Платон. – 848-б.]. Анын пикири боюнча “кооздук абсолюттук мүнөздөгү идеяны чагылдырат”. Кооздук идеясын түшүнүү үчүн бир нече баскычтарды басып өтүү зарыл. Мисалы, кооз нерселерди көрө билүү жана ага суктана билүү. Кооздук бир эле сезимдик эмес, руханий да кубулуш болуп эсептелет; ага илимдердин кооздугун өздөштүрүү, кооздуктун идеалдуу дүйнөсүн аңдап сезүү, кооздук идеясынын өздүк мааниси сыяктуу түшүнүктөр кирет.

Платондун идеалисттик эстетикасы боюнча искусство чоң баалуулукка ээ эмес, ал буюмдарды туурайт. Ал эми буюмдар өз

кезегинде идеяларды кайталайт. Демек, искусство –«тууроону тууроо». Өзүнүн идеалдуу мамлекет жөнүндөгү эмгегинде Платон жарандык рухту тарбиялаган искусствонун түрлөрүн гана калтырып, калгандарын четке каккан.

Орто кылымдардагы эстетика антикалык цивилизациянын кризисинен тартып, капитализмдин калыптанышына чейинки доорду камтыган эстетикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүндөгү аралыкты чагылдырган. Бул IV кылымдагы эстетикалык көз караштардын калыптанышы антикалык доордон тартып, феодалдык мамилелердин пайда болушу менен тыгыз байланышта жүргөн жана чиркөө саясатынын бутпарастык маданиятка карата мамилесинин өзгөрүшү менен дал келген. Бул мезгилде чиркөө кызматкерлери курчап турган реалдуулукту Кудай тарабынан жаратылган деген көз караштты жактоого умтулушкан жана классикалык ой жүгүртүүнү колдошкон. Орто кылымдардагы эстетиканын негизги мааниси кооздукту сезимдик кабылдоо менен бирге Кудайдын кудурети менен жаратылган деген ойду колдоо аркылуу туюнтулган.

Реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүү кооздукту же көрксүз нерселерди өзгөчө эмоционалдык сезимдик кабылдоо менен курчап турган чөйрөдөгү буюмдардын, окуялардын, процесстердин гармониясын же дисгармониясын аңдап-сезүү менен байланышкан. Сезимдик-предметтик ишмердүүлүктүн негизинде пайда болуу менен бирге объектилерге карата эстетикалык мамиле утилитардык керектөөчү мамиледен жогору көтөрүлөт. Реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүүгө өзгөчө утилитардык эмес канааттануу мүнөздүү. Дүйнөнү таанып-билүү жана эстетикалык өздөштүрүү бири-бири менен тыгыз байланышкан.

Эстетикалык кабылдоо таанып-билүү процессинин натыйжасында объектилерге белгилүү таасирин тийгизет. Анткени ал бүтүн системанын гармониясын, органикалык мүнөзүн өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү менен тыгыз байланышкан. Ар кандай чыгармачылык өзүнүн табияты боюнча эстетикалык мүнөзгө ээ. Чыгармачылыкка жол эстетикалык сезимде жалпы чекке чейин жеткирип тарбиялаганда гана ачылат. Таанып- билүү реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Көркөм чыгармачылык процесси көркөм кабылдоо, эстетикалык канааттануу билимден тышкары мүмкүн эмес. Эстетикалык билим адамдарды каражат катары эмес, максат иретиндеги мамилени бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Реалдуулукту эстетикалык өздөштүрүү адамдарда көтөрүңкүүлүк феноменин калыптандырат.

Искусствонун негизги мазмуну болуп кооздук, көтөрүңкүүлүк сыяктуу түшүнүктөрдү чагылдырган эстетикалык тажрыйба эсептелет.

Эстетикалык аң-сезим адамдын реалдуулукка карата активдүү чыгармачыл мамилеси аркылуу калыптанат. Эстетикалык жактан өнүккөн инсан катары эстетикалык жана көркөм билимдерге ээ болгон, реалдуулукту баалай алган, коомдук ишмердүүлүктө өнүккөн, эстетикалык жагдайларды өздөштүргөн адамды айтууга болот.

Адеп-ахлактык мүнөздөгү күчтүү кайгыруулар адамдын кайра жаралуусуна жана өзүн-өзүн өнүктүрүүгө алып келет. Бул жагдайда искусствону моралдык ишенимдерди бекемдөөнүн жана тарбиялоонун өбөлгөсү катары кароо максатка ылайыктуу. Ч. Айтматов «Ак кеме» жөнүндө «бул – абийир тууралуу роман, анда балалыкта абийир сезиминин пайда болушу тартиптүүлүк боюнча жазылып, бул түшүнүктөрдөн инсандын бүтүндүгү жана баалуулугу көз каранды. Аталган идеяларды искусствонун бардык түрлөрү чагылдырат» деген ойду айткан.

Кант искусствону эң алгач анын моралдык-тарбиялык таасир тийгизүү көз карашынан изилдеген. Ал өзүнүн эстетикалык эмгектеринде кооздук адеп-ахлактык жакшылыктын символу деп жазган [Кант, И. О форме и принципах чувственного и интеллигибельного мира[Текст] / И. Кант // Собр. соч. в 8 т. – М.: 1994. – Т. 2. – 89-б.]. Гегель мораль менен искусствонун байланышын төмөндөгүдөй белгилеген: «Искусствого өзгөчө роль таандык болуп, ал моралдуулукка өбөлгө түзөт» [Гегель, Г. Лекции по истории философии [Текст] / Г. Гегель // Соч.: в 14-и т. – М.: 1958. – Т. 12. – 33-б.].

Нравалуулук искусствонун бөлүнгүс элементи болуп саналат. Көркөм чыгармачылык адамдын сезимдерине, эс-акылына терең таасир тийгизүү менен бирге анын мүнөзүн калыптандырат. Икусствонун адабият, театр, кино, скульптура, живопись сыяктуу түрлөрүн кабыл алуу үчүн өзгөчө убакыт, психологиялык маанай талап кылынат. Ал эми роман, симфония адамдын ички дүйнөсүнө терең таасир тийгизип, жашоо жөнүндө терең ойлорду пайда кылат.

Искусство реалдуу адамдар тарабынан түзүлгөндүгүнө байланыштуу саясат жана дин менен белгилүү деңгээлде байланышкан, ошондой эле тигил же бул саясий жана диний идеяларга үгүттөйт, адамдын нравалык мүнөздөрүн калыптандырат.

Үчүнчү бап **“Кыргыз искусствосу – дүйнөнү чагылдыруунун өзгөчө өбөлгөсү”** деп аталып, кыргыз элинин көркөм сүрөт өнөрүндө реалдуулукту чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү изилденип, символдор жамааттын жашоо ишмердүүлүгүнүн социомаданий тажрыйбасын аккумуляциялоо каражаты катары каралды жана искусствонун

ааламдашуу шартындагы көркөм багыттарынын өнүгүү спецификасы иликтенди.

Үчүнчү баптын **“Кыргыз сүрөт искусствосунда дүйнөнүн өздөштүрүлүшү”** деп аталган биринчи параграфында сүрөт өнөрү реалдуулукту чагылдыруунун жана аңдап-сезүүнүн формасы катары талдоого алынат.

Көркөм чыгармачылык объективдүү дүйнөнү чагылдыруунун реалисттик жана шарттуу, образдуу өбөлгөсүнө ээ. Реалисттик искусство дайым эле курчап турган дүйнөнүн көчүрмөсү боло бербейт. Анын көркөм образдары доор үчүн маанилүү болгон окуяларды, предметтерди, идеяларды, проблемаларды чагылдырат. Шарттуу искусство символикалык мүнөзгө ээ болушу мүмкүн, ошондой эле көркөм образдарды кеңейтүүгө, интерпретациялоого болгон мүмкүнчүлүктөрү белгилүү.

Көркөм образды түшүнүүнүн методологиялык негизи болуп дүйнөнүн материалдуулугу жөнүндөгү принцип жана бардык материяга таандык болгон чагылдыруу эсептелет. Эгерде адамдын аң-сезиминдеги бардык образдар реалдуулукту идеалдуу чагылдыруу катары белгилүү болсо, материалдык объективдүү образдарга күзгүдөгү, суудагы чагылдырууларды кошууга болот. Алар жашоонун объективдүү көрүнүшү катары каралат. Сүрөтчү предметтердин жана кубулуштардын касиеттерин башка көрүнүштөрдү чагылдыруу максатында колдонот. Мисалы, адам кыймыл-аракет, мимика, интонация аркылуу индивиддерди, жаныбарларды туурашы мүмкүн. Анын натыйжасында театралдык, музыкалык бий чыгармалары пайда болот. Көркөм образдар жаратылыш аркылуу же сүрөтчүлөр тарабынан түзүлөт. Демек, алар аңдап сезилген, ой жүгүртүлгөн башка кубулуштар жана предметтер менен байланышкан мүнөзгө ээ. Көркөм образдарга, таанып-билүүнүн өзгөчө мүнөзүнө универсалдуулук, реалдуулукту түшүндүрө алган дидактикалуулук мүнөздүү.

Дүйнөнү эстетикалык өздөштүрүүнүн гносеологиялык планынын өзгөчөлүгү – анын илимден айырмаланган табиятка ээ экендигинде. Обьективдүү реалдуулукту эстетикалык таанып-билүүнүн маңыздуу элементи болуп бизди курчап турган айлана-чөйрөнү субъект тарабынан өздүк рефлексия түрүндө чагылдырышы эсептелет.

Көркөм образдын спецификасы дүйнөнү таанып-билүүнүн милдеттери менен тыгыз байланышкан өзгөчө баалуулуктук функционалдуулугунда чагылдырылган. Эгерде искусствонун объектиси болуп ар тараптуу реалдуулук саналса, көркөм өнөрдүн борборунда индивид, анын руханий дүйнөсү, жаратылыш, коом, космос менен байланышы турат. Адам – ар кандай көркөм образдын баалуулуктук

мазмунунун негизи. Көркөм образдын милдети катары эстетиканын баалуулугу кубулуштарды тааныып-билүү менен эле эмес, маанини эстетикалык чагылдыруу менен тыгыз байланышкан. Көркөм образ – реалдуулукту чагылдыруунун өзгөчө формасы.

С. Чуйков кыргыз көркөм искусствосунун калыптанышында жана улуттук сүрөтчү кадрларды тарбиялоодо чоң роль ойногон. Анын зор салымы көркөм сүрөт искусствосунун мамлекеттик музейин негиздөөдө турат, ал кыргыз жаштарын көркөм чыгармачылыкка тартууда өтө чоң мааниге ээ болгон. Ал мезгилде көркөм искусствонун пайда болушу менен катар көркөм сүрөт музейин ачуу зарылдыгы келип чыккан.

А. Салиев С. Чуйков жөнүндө мындай деп жазган: «Сүрөтчү адамдардын күнгө күйгөн келбетин, бетиндеги тырыштарын, жылмаюусунун өзгөчөлүктөрүн, көзүнүн балбылдап жанып турушун, кыймыл-аракетин, кийим кийүү эрежелерин, уга билишин, көрө билүүсүн өтө жогорку чеберчиликте терең чагылдырган. Мындай абалга Чуйков адамдардын бүткүл турмушун, жашоо ишмердүүлүгүн, алардын дүйнө сезүүсүн жана турмушту түшүнүүсүн терең өздөштүргөндүгүнө байланыштуу жетише алган, андыктан кыргыздар аны элдик сүрөтчү катары билишет» [Салиев, А.А. Разум и время [Текст] / А.А. Салиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 440-б.].

Сүрөт менен иштөөдө С. Чуйков сүрөтчүлөрдүн көңүлүн натураны өздөштүрүүгө бурган. Этюддардын үстүнөн сөзсүз иштөөнү талап кылган. Бул жөнүндө ал республиканын сүрөтчүлөрүнүн конференциясында мындай деген: «Биз өзүбүздүн чеберчилигибиздин толук эместигин ар дайым сезип, бардык форматтарда аны жакшыртуубуз зарыл жана тематикалык иштерге зор талаптарды коюуга милдеттүүбүз. Мурунку мезгилдерде этюдга басым жасаганбыз, ал сүрөтчүнү калыптандырат. Этюдду жаза билбеген сүрөтчү көркөм сүрөт чыгармаларын да жарата албайт [Уметалиева, Дж.Т. Становление и развитие изобразительного искусства Киргизии [Текст]: автореф. дис. … д-ра искусствоведения / Дж.Т. Уметалиева. – Баку, 1984. – 68-б.].

Кыргыз скульптурасы таланттуу венгер сүрөтчүсү Л. Месароштун чыгармалары аркылуу белгилүү болгон. Л.Месарош Кыргызстанга келип өз ишмердүүлүгүн уланткан, чыгармачылыгында негизги орунду скульптура ээлеген. Л. Месароштун чыгармачылыгында негизги орунду скульптура ээлеген. Анын демилгеси менен скульпторлор үчүн көркөм студия курулган. Бул Орто Азиядагы биринчи скульпторлордун мектеби болуп эсептелет.

О. Мануйлованы дагы Кыргызстандын көркөм сүрөт искусствосуна зор салым кошкон ири скульпторлордун катарына кошууга болот. Ал

Исак Шайбековдун жана Тоголок Молдонун портреттерин таштан жасаган. Ал өзүн улуу сүрөтчү катары көрсөтө алган.

Кыргызстанда графиканын пайда болушу улуттук жазма адабияты жана советтик басма сөз кызматы менен тыгыз байланышкан. Сүрөтчүлөр графикалык сүрөттөрдө, карикатураларда коомдо болуп жаткан курч окуяларга, процесстерге оперативдүү түрдө өз мамилелерин чагылдырышып алар эмблематикага, аллегорияга кайрылышкан. Шарттуу белгилердин системасы аркылуу алар коомдук турмуштагы түрдүү процесстерди, окуяларды терең көрсөтүп берүүгө аракет жасашкан. Мезгилдин өтүшү менен символдор жана эмблемалар коомдук турмуштун ар тараптуу аспектилерин толук чагылдырууга мүмкүнчүлүгү жетпей калгандыгына байланыштуу реалдуу, конкреттүү адамдык образдарга зор маани бере башташкан.

Орус сүрөтчүсү Образцовдун ишмердүүлүгү кыргыз искусствосу менен тыгыз байланышкан. Графиканын өзгөчөлүктөрүн терең чагылдырган чебер катары В. Образцовду кароого болот. Б. Исакеевдин «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү» аттуу китебине карата анын өзгөчө иллюстрациялары кызыктуу мүнөзгө ээ. Элдик көтөрүлүштүн трагедиялык мүнөзү чагылдырылган китептин мукабасы өзгөчө графикалык чечим менен айырмаланат.

Үчүнчү баптын **“Искусство реалдуулукту символдоштуруу каражаты катары”** деп аталган экинчи параграфында символдордун курчап турган айлана-чөйрө жөнүндө мейкиндиктик-мезгилдик элестөөлөр тууралуу ой жүгүртүүлөрдөгү ролу изилденет.

Символдор – конкреттүү маанилерди, идеяларды, түшүнүктөрдү чагылдырган элементтер, алар бардык визуалдык искусствого, өзгөчө живописке ишеничтүү тил катары кызмат аткарат. Бул түшүнүктөр кокусунан эле пайда болбойт. Алар предметтин тышкы белгилери менен тыгыз байланышып, анын ички маңызын чагылдырат. Символдор адам ой жүгүртүүсүнүн, аң-сезиминин ажырагыс бөлүгү катары адамдын эс-акылынын негизин түзөт. Ал жалгыз эле адамдын акыл-эсине кайрылбастан, субъектинин сезимдерине да багытталып, татаал ассоциацияларды пайда кылат.

Айрым символдор кээ бир элдерде өз алдынча пайда болсо, көпчүлүк символдор жалпы психологиялык маданий себептер аркылуу түшүндүрүлөт. Көпчүлүк жагдайларда бул багытта элдердин маданий өз ара карым-катнашын жана соода байланышы, диний элестөөлөрү аркылуу символдордун өтүүчүлүк мүнөзүн байкоого болот.

XVII кылымда басылып чыккан эмблемалар жөнүндөгү жыйнактар сүрөттөрдү түшүндүрүүдө жакшы усулдук-колдонмо катары кызмат аткарышкан. Мисалы, сааттын сүрөтү убакыт түшүнүгү менен

ассоциацияланса, музыкалык сурнай даңкты, антикалык скульптура искусствону түшүндүргөн.

Символ көп маанилүү образдарды камтыган тигил же бул белги катары эсептелет. Ар кандай символ кандайдыр-бир нерсенин образы, анда жалгыз эле образ аркылуу ченелбеген белгилүү маани жатат. Символго өтүү менен бирге образ таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. Искусствонун символдору ар дайым кыйыр түрдө адам дүйнөсүнүн бүтүндүгү менен айкалышат. Символдун коммуникативдик функциясы өзгөчө мүнөзгө ээ. XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башындагы акын-символисттердин пикирлери боюнча символ эмпирикалык демейки тиричиликтеги процесстерди, окуяларды руханий кубулуштар менен байланыштырып турат.

Структурализм жана семиотика тарабынан иштелип чыккан алгылыктуу багыттардын бири болуп структуралык-семиотикалык багыт эсептелет. Ага ылайык келген салттуу маданият белгилик, символдук формада катталган, коддолгон маанилердин жана тексттердин өзгөчө системасын билдирет.

Структуралык-семиотикалык усулга ылайык маданияттын негизги бирдиги болуп белгилүү тигил же бул цивилизациянын маданий коддору аркылуу түзүлгөн, белгилик формада чагылдырылган, маданий объектилердин, маанилердин жыйындысы катары текст эсептелет. Москва-тартус семиотикалык мектебинин негиздөөчүсү, универсалдуу семиотикалык методологиянын жана теориянын автору Ю. Лотман маданиятты маданий өнүгүүлөрдүн шарты жана натыйжасы болгон семиотикалык мейкиндик же семиочөйрө катары аныктаган. Андан тышкары коммуникациялык система катары өз ара байланыш каражаты сыяктуу маданият башка семиотикалык системалар иретинде конструктивдүү мыйзамдарга баш иет.

Кыргыз маданиятынын тажрыйбасына кайрыла турган болсок, анда коздук жөнүндөгү элестөөлөрдүн калыптанышында түскө карата кабыл алуу жана мамиле негизги ролдордун бирин ойногон.

Кыргыз эли үчүн ак (тазалык), ачык көк (асман), кызыл (жоогазын), алтын түстүү (күн) басымдуу орунду ээлеген жана жаратылыштагы, ошондой эле курчап турган айлана-чөйрөдөгү буюмдардын түстүк сапаттарын белгилөөнүн негизги ченеми катары кызмат өтөгөн. Кыргыз фольклорундагы өзгөчө көркөм эстетикалык мааниге ээ болгон жашыл түс жашоону билдирген. Ал жаз жөнүндө кабар берип, үмүттүн символу болуп саналат. Кыргыз эли үчүн эң жакшы мезгил болуп жаз эсептелет. Жазында өсүмдүктөр гүл ачат. Ал эми адамдын келечеги болуп балдар эсептелет. Жашыл түс

жаратылыштын ойгонушун чагылдырат. Жаздын келиши түстөрдүн ар түрдүүлүгү менен көздү кубандырат.

Кыргыздардын маданияты башка элдердин маданияты сыяктуу эле, калктын жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндө өздүк символдорго ээ. Кыргызстандын маданиятында оюн-зоок маданияты өзгөчө ролду ойнойт. Ал ички жана сырткы факторлордун таасири астында нечендеген кылымдар бою калыптанган руханий жана материалдык баалуулуктарды чагылдырат. Тактап айтканда, оюндар Кыргызстандын маданиятындагы ачык символдорунун бири болуп эсептелет. Демек, символ – белги же таанып-билүүчү түшүнүк. Кыргыз этносунун маданиятында өзгөчө орунду оюн-зооктук мааниден сырткары мелдеш, спорт мүнөздөгү, физикалык күчтү өнүктүргөн, чыдамкайлыкты, элпектикти, реакциянын тездигин, интеллектини өстүргөн оюндар ээлеген; татаал жана катаал жаратылыштык шарттарда салттуу көчмөн коому жашаш үчүн жакшы физикалык формада болушу талап кылынган, ал жагдай көптөгөн кылымдар бою калыптанган оюн-зоок маданиятынын шартында калыптанган. Андыктан оюндар өзүнүн маанисине карата элдин жашоосунда маданияттын символуна айланган.

Кыргыз маданиятындагы (фольклордо, декоративдүү-прикладдык искусстводо) салыштырмалуу консервативдүүлүктүн басымдуулугу менен башка маданияттарда ишке ашып келген аллегорияларда, символдордо жана мифтерде чектөөлөр толук кандуу жүзөгө ашкан эмес. Ар бир этносто символикалык формалардын өнүгүү жана калыптануу процесстери болуп келген, анын ичинде кыргыздардын да татаал жолу байыркы мезгилдерге туш келет. Мында түрдүү социалдык-маданий процесстер жана формалар аркылуу чагылдырылган этникалар аралык байланыштар маанилүү роль ойнойт.

Символдор белгилүү жалпылыктын жашоо ишмердүүлүгүнүн социомаданий тажрыйбасын аккумуляциялап эле тим болбостон, коммуникативдүү маалыматтык функцияны аткарып, маданий байланыш чөйрөсүндө идеялардын жана баалуулуктардын өз ара алмашуусуна өбөлгө түзөт. Маданияттар аралык коммуникация символикалык өз ара карым-катыш процессине негизделет. Андыктан маданияттын негизги феномени катары символдорду теориялык-методологиялык жактан изилдөө зарылдыгы актуалдуу маселе катары каралат. Маданият символдук система иретинде белгилүү социумдун негизги идеяларын, нормаларын, үлгүлөрүн чагылдырат. Кыргыз элинин энциклопедиялык мурасы иретинде белгилүү болгон «Манас» эпосу этносубуздун өтө бай социалдык эс-тутумун чагылдырат.

Байыркы белгилердин, символдордун семантикасын, ошондой эле түрдүү графеманын мазмунун ачып берүү байыркы кыргыздардын

өзгөчө ой жүгүртүү дүйнөсүн өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Белги, символдор жогорку күчтөргө кайрылуу катары графикалык мүнөздөгү магиялык формалар иретинде катталган. Мезгилдин өтүшү менен алардын мааниси, культтук элестөөлөрдүн трансформацияланышына байланыштуу кайрадан өздөштүрүлгөн көркөм маданияттын негизги өзгөчө бөлүгү болуп, салттуу оймо-чиймелер саналат.

Байыркы доорлордон тартып эле көчмөндөр тиричилик буюмдарын, турак-жайларын жана кийим-кече, курал-жарактарды түрдүү оймо-чийме, саймалар менен кооздошкон. Денеге чийилген сүрөт сайма түрүндө эркиндикти, эрдикти, чыдамдуулукту жана башка аскер адамына керектүү сапаттарды чагылдырган.

Үчүнчү баптын **"Азыркы искусстводогу көркөм багыттар"** деп аталган үчүнчү параграфында искусствонун ааламдашуу шартындагы көркөм багыттарынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү талдоого алынды.

«Азыркы искусство» термини бүгүнкү күндөгү көркөм өнөрдү түшүндүрөт. Ал учурдагы мезгилге чейинки искусствону камтып, алдыңкы технологиялык урбанизациянын, массалык стилдин жана жашоо образынын натыйжасында өзгөрүп жаткан дүйнөнүн көркөм программасын чагылдырат.

Тарыхый өнүгүү процессинде байыркы мезгилден тартып эле искусство эстетикалык түшүнүктөр менен байланышып, жогорку мотивдер аркылуу шартталып келген. Азыркы искусствонун негизги аспектиси катары ушул айырмачылыктын талкаланышын кароого болот. Учурдагы искусствонун негизги аспектилеринин аныксыздыгы, түшүнүксүздүгү терең жайылган. Демейки реалдуулуктагыдай эле искусство дүйнөсүндө да ааламдашуу натыйжасы кеңири байкалып, көркөм чыгармачылыктын көптөгөн чектери жана айырмачылыктары жоголууда. Учурдагы айрым багыттардын жана кыймылдардын булагы модернизмде жаткандыгына карабастан, азыркы искусствону жана модерн стилиндеги иштерди чаташтырууга болбойт. Учурдагы көркөм өнөрдүн негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири катары курчап турган объективдүү реалдуулукка терең таасирин тийгизген чөйрөлөрдүн чагылдырылышы эсептелет.

Азыркы искусство курчап турган реалдуулуктагы кескин трансформацияларга жооп берүү менен бирге, аларды чагылдырган материалды же усулдарды тандоодо чектелбейт. Ал живопись, сүрөт, скульптура сыяктуу салттуу, ошондой эле перформанс, инсталляция, видео жана башка материалдар сыяктуу салттуу эмес формаларды да кеңири пайдаланат. Азыркы каралып жаткан кубулуш глобалдуу мүнөзгө айланып, жогорку искусствонун элитардык мүнөзүн жана коомдук пикирди бөлгөн маданий тоскоолдуктарды жокко чыгарат.

XX кылымдагы искусствонун негизги өзгөчөлүгү болуп анда түрдүү чыгармачыл багыттар көбөйүп, искусствонун предмети тууралуу ар түрдүү негиздемелер, түшүндүрмөлөр, сунуштар аралашып, натыйжада искусстводогу чыгармачыл ишмердүүлүктө баш аламандык пайда болгон.

Концептуалдык искусствонун изилдөөчүлөрү азыркы авангарддын концептуалдуу багытындагы илимий багыттын негиздүүлүгүн баса белгилешет. Концептуалисттердин чыгармаларында түрдүү тиричилик предметтердин композициялары кандайдыр-бир түшүнүктөр, тексттер, фразалар, айрым тамгалар, цифралар менен коштолуп, түшүнүксүз, абсурд маанайды жаратат. Көрүүчү мындай вернисажды ар кандай маанайдан айрылган, түшүнүксүз жагдай катары кабыл алат. Маалыматтардын максималдык саны чоң өлчөмдөгү күтүүсүз билдирүүлөрдү камтыйт. Авангардисттердин композициялары жана акциялары түшүнүксүз максималдуу маалымат катары көрүнөт. Өздөрүнүн чыгармаларынын маанилүүлүгүн баса белгилөө үчүн концептуалисттер жогорудагы ыкманы колдонушат. Концептуалдуулуктун авторлору жана теоретиктери белгилегендей, алардын чыгармалары эбегейсиз зор маалыматты өз ичине камтыгандыктан, көрүүчү аларды терең өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүгү жетпейт.

Азыркы коомдо искусствонун абалы жана ролу терең трансформацияланууда. Леви-Стросстун пикири боюнча ал коллективдүү функциясын жоготту. Коллективдүү аңсыздыктын булагы катары белгилүү болгон шаманизм жана магия индивидуалдык психоанализге орун бошотту, архаикалык сүрөтчүнүн коллективдүү ордун азыркы индивидуализм алмаштырууда. Ага ылайык сүрөтчүнүн социалдык статусу да өзгөрүүгө дуушар болду. Андыктан анын жүрүм-турумунда экоцентризм, эксцентризм, ошондой эле невроз менен байланышкан патологиялык формалар байкалат.

Эгерде Н. Буррио азыркы искусствонун пайда болушун эмгектин бөлүнүшүнө жана көркөм өнөрдүн жаңы идеологиясына каршы турушу менен байланыштырса, ал эми башка изилдөөчүлөр аталган эволюцияны маданияттын секуляризация жана гуманизация процессинин жыйынтыктоочу баскычы катары карашкан. Бул жагдайда Люк Ферри өзүнүн “Коздук сезими азыркы маданияттын булагы” аттуу эмгегинде “Искусствонун чыгармалары автордун инсандык сапаттарын көрсөтөт [Ferry L. Le Sens du Beau, Aux origines de la culture contemporaine, - P.: Edition Cercles d'Art, 1998, P.l 1]. Абстракттуу искусстводогудай автор менен тыгыз байланышпаган реалдуулукту чагылдырганда да олуттуу өзгөчө талабы негизги бойдон калат. Жаңынын культу жана

оригиналдуулук азыркы искусствого башкача таасир тийгизет" деп белгилеген. Автор белгилегендей, азыркы искусстводо кризистик кубулуштар, ички карама-каршылык абсолюттук новация идеясынын негизинде пайда болот.

Модернизм XIX кылымдын аягы XX кылымдын ортосуна чейинки маданий доорду камтыйт. Анын төмөнкү хронологиялык чеги болуп XX кылымдагы реалисттик же позитивисттик маданият эсептелет. Агымдын жогорку чеги катары 60-жылдардагы постмодернизм саналат. Эгер модернизмди авангарддык философиялык көз карашта алып карай турган болсок, алар новатордук агымдар катары каралат. Ал эми искусство таануда бул түшүнүктөрдү айырмалап иликтешет. Модернизм искусствосунун үлгүсү болуп символизм, экспрессионизм жана акмеизм эсептелсе, авангарддын типтүү өкүлдөрү иретинде футуризм, сюрреализм, дадаизм саналат.

Авангардизм – искусстводогу эксперименталдык, модернисттик башаттарды аныктаган түшүнүк. Көркөм искусстводо ар бир конкреттүү тарыхый доордо түрдүү новатордук кубулуштар пайда болуп, өнүккөн. Ал эми авангардизм XX кылымдын башында бекемделген. Авангардизм искусствосу көрүүчү менен сүрөтчүнүн ортосундагы диалогго, субъект жана көркөм чыгармалардын ортосундагы өз ара диалектикалык байланышка, чыгармадагы өнөктөштүккө багытталат.

Андерграунд салттуу маданияттын чектерине карама-каршы турган жашыруун маданиятты билдирет. Бул багыттагы сүрөтчүлөрдүн көргөзмөлөрү салондордо же галлереяларда эмес, жер түбүндөгү өтмөктөрдө же метролордо жайгашкан.

«Сюрреализм» француз тилинен алынганда «жогорку чындык» дегенди билдирген. Ал XX кылымдын 20-жылдары адабиятта жана искусстводо кеңири орун алган багыттардын бири. Бул агым Францияда пайда болуп, мезгил өткөн сайын эл аралык багытка айланган. Сюрреалисттер белгилегендей, искусстводо чыгармачыл энергия, түш көрүү, гипноз, автоматтык-механикалык иш-аракеттер пайда болот.

Постмодернизм көркөм практикада өткөн кылымдын экинчи жарымынан тартып белгилене баштаган. Жыйырма жылдан кийин искусстводогу жаңы баскычты постмодернизм деп аташкан. Жалпы планда алып карай турган болсок, постмодернизмдик чыгармаларга метасемантика мүнөздүү болуп, ал түрдүү коннотативдүү каражаттардын жардамы аркылуу ишке ашат. Ал каражаттарды оюн-зоок катары кароого болот. Постмодернисттик искусство модернизмдин артынан жаңы маанилик жана образдык мейкиндикти башкача жол менен издейт. Аталган доордо салттуу искусстводогудай бир жактуулук жоголуп, оюн гана басымдуу орунду ээлейт. Искусствонун бул багыты

мурунку багыттар сыяктуу эле жаңы образдарды, мамилелерди, аларды чагылдыруу өбөлгөлөрүн издөөнү улантууда. Бирок анын көркөм өнөрдө пайда болушу менен искусстводогу байланыштар, мамилелер маанини, маңызды издөөгө караганда оюн-зоокту элестеткен доор өкүм сүргөн, ал жагдай искусствонун биримдигин жоготкондугун анын чегиндеги дүйнө өздүк мааниге ээ болгон, иреттелген обьект катары кабыл алынбай, терең кризиске дуушар болгондугун аныктайт.

«Граффитти» (от итал. Graffito – жазуу) – термини мыйзам тарабынан тыюу салынган искусствонун түрлөрүн классификациялоо үчүн колдонулат. Алтүрдүү сүрөттөрдүн жана жазуулардын жардамы аркылуу түзүлгөн композицияны публикалык дубалдарда жана визуалдуу түрдө көрүүгө мүмкүндүк болгон мейкиндикке жайгаштыруу аракетин билдирет. Граффиттинин авторлору болуп көбүнчө кесипкөй эмес сүрөтчүлөр эсептелет.

Азыркы социумдардын көпчүлүк бөлүгүндө искусствонун ролу, анын коомдук мамилелер системасындагы орду терең трансформацияларга дуушар болууда. Массалык коомдун шартында жана мамлекеттердин, элдердин атаандаштыгы күчөгөн абалда, ошондой эле жаратылыштык-эмгектик, интеллектуалдык ресурстар үчүн күрөштө искусство негизги идеологиялык каражаттардын бирине, коомдук пикирди калыптандыруунун жана бурмалоонун натыйжалуу каражатына айланды. Искусствонун жанрларынын жана түрлөрүнүн өтө ар түрдүүлүгүнө жана адамзаттын жогорку техникалык жетишкендиктерине ылайык көркөм өнөр бир жагынан саясатташса, экинчи жагынан гуманисттик маанисин жоготкон.

Инсталляция (англ. Installation –орноштуруу, батыруу, жыйноо) – турмуш-тиричилик жана өнөр жай буюмдарынан, жаратылыш материалдарынан жана башка ар кандай элементтерден жасалган көркөм композиция. Инсталляция чоң мейкиндиктеги зонаны кучагына алат (галереянын залы, имараттын жалпы интерьери; көчөнүн, аянттын бөлүгү; жаратылыштын же парктын ландшафты). Инсталляциянын ийгилиги кабыл алынып жаткан объектини таанып-билүүнүн тездигинен, аны көз ирмемдик ченемде кучагына алуу жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды. Искусствонун жалпы кризиси анын бирдиктүүлүгүнүн жана дүйнөнү системалуу тартип менен кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоголушунда турат. Актуалдуу искусство мейкиндикке эмес, кабыл алуунун убактысына таянат.

Учурдагы искусствого реалдуулуктагы түрдүү кабылдоолорго туруктуу умтулуу мүнөздүү. Мында индивид курчап турган айлана-чөйрөдөгү процесстерди, окуяларды тездик менен кабыл алып, жаңы маалыматтарды өздөштүрүш үчүн мурункуларды дароо унутууга мажбур.

Искусство образдын мазмунунан жана контекстинен көз карандысыз практикадагы өзгөрүүлөрдү каттоого карата мүмкүнчүлүгүнө карап актуалдуу мүнөзгө ээ.

# КОРУТУНДУ

Корутундуда изилдөөнүн төмөнкүдөй логикалык жыйынтыктары алынды:

1. Искусство реалдуулукту жөн эле чагылдырып тим болбостон, сүрөтчүнүн дүйнөгө болгон көз карашын жана идеяларын чагылдырат. Андыктан объективдүү реалдуулук көркөм чыгармачылыктын предмети катары каралса, искусствонун мазмуну сүрөтчү тарабынан аңдап сезилген, көркөмдүк жактан жалпыланган эстетикалык баалоону, идеалды чагылдырган реалдуулук. Эгерде искусствонун социалдык маңызы жаратылыштын жана коомдук чөйрөнүн маңыздык жактарын чагылдырса, көркөм өнөрдүн гносеологиялык маңызы типтүү образды түзүүдө турат. Ал социалдык турмуштун маңыздуу жактарын көркөм образ аркылуу ачып берүүгө, объективдүү реалдуулуктун акыйкатын таанып билүүгө өбөлгө түзөт.

2. Искусство аңдап сезилген болмушту, коомдук турмуштун реалдуу процесстерин чагылдыруу менен бирге аларга белгилүү таасирин тийгизет. Реалдуулукту адамдын аң-сезиминде чагылдыруу татаал эволюциялык, диалектикалык процесс катары дайыма карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ. Коомдук аң-сезимдин өзгөчө формасы катары искусство объективдүү реалдуулукту көркөм образдык формада чагылдырат. Искусствонун практикалык натыйжасы болуп көркөм аксиологиялык ченемдер эсептелет. Алар адамдын сезимдерине белгилүү таасирин тийгизип, ой жүгүртүүлөрүн, эрктерин бириктирет.

3. Искусствонун маңызы инсанды гумандаштырууда жана социалдаштырууда турат. Искусстводон тышкары эл өзүнүн тарыхый эс-тутумунан ажырайт. Ал тарыхый эс-тутумсуз өзүнүн улуттук бүтүндүгүн жоготот. Ал эми маданият сезимдик элементтерден тышкары терең мааниге ээ боло албайт. Искусство индивидуалдык жана коомдук чөйрөнүн өз ара байланышына жол ачат. Башкача айтканда, көркөм өнөр инсандын социалдашуусуна, гумандашуусуна өбөлгө түзөт. Көркөм чыгармалардын автору коомдук мамилелердин объектиси жана субъектиси болуп саналат. Социумдун тигил же бул даражада инсандын эркиндигин чагылдырат. Искусство жалгыздыкты гуманисттик мүнөздө жеңип чыгууну билдирет. Искусстводогу чыгармачылык процессте социалдык баалуулук зор мааниге ээ. Көркөм өнөрлөрдөгү типтүүлүк социалдуулукту чагылдырат. Демек, искусствону социалдык-философиялык мааниде түшүнүү аны инсандар аралык коммуникациянын каражаты катары аныктоого жардам берет. Искусство аркылуу инсан коомдук мамилелерди өздөштүрүп, өзүндө чыгармачыл жана руханий башаттарды тарбиялайт.

4. Технологияны өзүнүн креативдүү констекстине киргизүү менен бирге жана анын структурасын, жүрүм-турум нормалары менен байланышын талдоо аркылуу искусство келечекке карай багытталган дүйнө менен өз ара байланыштын моделин түзүүгө мүмкүндүк алат. Жаңы технологиялардын кескин өнүгүшү, массалык жана элитардык маданияттын таасири астында социомаданий реалдуулуктун трансформациялары терең теориялык ой жүгүртүүнү жана алдын ала жалпылоону талап кылат.

5. Бүгүнкү реалдуулукта массалык маалымат каражаттарында ар тараптуу коммуникативдик ыкмалар өтө кеңири жайылган. Ага байланыштуу учурдагы сүрөтчүлөр виртуалдык-инсталляция бүткүл дүйнөлүк инсталляциялык практикадан даяр фрагменттерди алышат. Ал элементтер копиялап кайра түзүүнүн жалпы композицияга жайгаштыруу менен бирге көпчүлүккө сунушталат. Учурдагы искусствонун өзгөчөлүгү катары сүрөтчүнүн жалпы образдардын ичинен өзүнө ылайык келген образды бөлүп алып, копиялап, ага башка ченемди обьектилерди, процесстерди бериши эсептелет. Мындай сүрөтчүнүн негизги артыкчылыгы катары анын жеке убакытта жайгашуусун кароого болот.

6. Нравалык жана эстетикалык жагдайларды салыштырууда коомдун гармониясы же дисгармониясы жалпы негиз катары кызмат аткарат. Нравалык менен эстетикалыктын гармониясын же дисгармониясын аныктоо каралып жаткан аспектилердин жеке суроолорун чечүүгө жардам берет. Моралдык аң сезимдин чыныгы субъектиси болуп коомдун айрым мүчөлөрү эмес, жалпы социум саналат.

7.Искусство системасы тандоо жана кабыл алуу механизмдеринин жардамы аркылуу көркөм чыгармаларга карата талапты калыптандырат. Азыркы базар экономика шартында көркөм чыгармаларга карата баалоо жана баа берүү түшүнүктөрү бири-бирине жакындашууда. Ал жагдай эстетикалык жана моралдык идеологиялык нормалардын жана системалардын девальвациясына алып келүүдө. Ал темаларды жана сюжеттерди чексиз кайталоо формасындагы искусствонун деконсрукциялоо практикасынын кеңейиши менен коштолууда. Бул жагдай искусствонун талкаланышына алып келет.

8. Объективдүү реалдуулукту аңдап сезүүгө, түшүнүүгө өбөлгө түзгөн символдор социалдык-тарыхый мүнөзгө ээ. Алар курчап турган айлана-чөйрөнү чагылдыруунун, реалдуулукту жана социумду логикалык өздөштүрүүнүн негизги фактору болуп саналат; символдордо элдин маданиятынын эс-тутуму ишке ашат. Аларда адамдар тарабынан

топтолгон реалдуулукту таанып-билүү, коомдун жана анын башкаруу механизмдеринин өнүгүшү жөнүндөгү топтолгон тажрыйбалар чагылдырылат. Символ маданияттагы баалуулуктук руханий-интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруунун күчтүү каражаты катары белгилик-тилдик түшүнүктөрдү аныктоочу түзүлүш болуп саналат.

9. Жаңы технологияларды ашыкча колдонуу искусство тармагына карата белгилүү коркунучтарды жаратат. Маданиятка карата мүмкүнчүлүктөр убакыт жана мейкиндик аркылуу шартталбастан, анын чыгармалары пассивдүү керектөөнүн объектисине айланууда. Мында маданий ишмердүүлүк өзүнүн коммуникативдик-практикалык маанисин жоготот. Натыйжада маданияттын коомго карата бириктирүүчү жана бекемдөөчү ролу жоголот, начарлайт. Зор маалыматтык көлөмгө ээ болгон виртуалдык реалдуулук массалык коммуникация каражаттары тарабынан чыныгы реалдуукту сүрүп чыгарат. Анын натыйжасында индивид реалдуу жана символикалык объектилердин ортосундагы чекти ажыратууга мүмкүнчүлүгү жетпейт.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөндөгү жарык көргөн эмгектерде чагылдырылды:**

1. Курбанбаев, К. Аморализм как философская проблема [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, М. Манашов, А. Эргешов, Ж. Кедейбаева // Научный журнал Министерства образования и науки Республики Казахстан. Серия гуманитарных наук. – Алматы, 2006. –74–77-б.

2. Курбанбаев, К. Нравственные ценности кыргызского искусства [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, М. Манашов, А. Эргешов, Ж. Кедейбаева // Научный журнал министерства образования и науки Республики Казахстан. Серия гуманитарных наук. – Алматы, 2006.–81–84-б.

3. Курбанбаев, К. Кооздук менен көрксүздүк эстетикалык категория катары [Текст] / К. Курбанбаев, Э. Мамытова // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2006. – №6. – 89–93-б.

4. Курбанбаев, К. Кыргыз дүйнө таанымындагы кооздук маселеси [Текст] / К. Курбанбаев, Б. Абдыраимова // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2006. – №6. – 93–96-б.

5. Курбанбаев, К. Этиканы окутуунун методикасына карата жалпы сунуштар [Текст] / К. Курбанбаев, А. Самиева // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2007. – 103–106-б.

6. Курбанбаев, К. Каада-салт жана үрп-адаттын диалектикасы [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, Э. Мамытова, А. Акматалиев // Социальные и гуманитарные науки. – Алматы, 2008. – 188–189-б.

7. Курбанбаев, К. Коомдук пикир-руханий кубулуш [Текст] / К. Курбанбаев, Э. Эркебаев // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2010. –157–159-б.

8. Курбанбаев, К. Проблема суверенитета в условиях глобализации [Текст] / К. Курбанбаев, Шарипова Э., Ахмеджанова А. // Наука и новые технологии. Бишкек, 2010. № 2. – 222-225-б.

9. Курбанбаев, К. Инсандын нравалык аң-сезимин калыптандыруу маселелери [Текст] / К. Курбанбаев, А. Кулназаров // ЖаМУнун жарчысы. – Жалал-Абад, 2011. – №1–2(25). – 204–208-б.

10. Курбанбаев, К. Экологические проблемы Кыргызстана [Текст] / К. Курбанбаев // Вестник ЖаГУ. – Жалал-Абад, 2011. – №1–2(25). –169–171-б.

11. Курбанбаев, К. Роль этнической идентификации в формировании самосознания личности [Текст] / К. Курбанбаев // Вестник КНУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2011. – 83–87-б.

12. Курбанбаев, К. Трансформация экологического сознания кыргызов [Текст] / К. Курбанбаев, Э. Шарипова // КРУИА. Вестник Институт философии и политико-правовых исследований. – Бишкек, 2011. – 326–330-б.

13. Курбанбаев, К. Коомдук турмуштагы адептүүлүктүн орду [Текст] / К. Курбанбаев, А. Эргешов // КРУИА. Вестник Институт философии и политико-правовых исследований. – Бишкек, 2011. –148–151-б.

14. Курбанбаев, К. Этнокультурные ценности в нравственном формировании личности [Текст] / К. Курбанбаев – Вестник КНУ им. Ж. Баласагына – Бишкек, 2012. –124–126-б.

15. Курбанбаев, К. “Кожожаш” эпосу – байыркы кыргыздардын дүйнө таанымынын көркөм панорамасы [Текст] / К. Курбанбаев // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2012. – №3. –69–73-б.

16. Курбанбаев, К. Трагедия категориясынын чагылдырылышы [Текст] / К. Курбанбаев, Д. Кочкорова // Ж. Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2012. –179–182-б.

17. Курбанбаев, К. К вопросу о просветительской мысли кыргызского народа [Текст] / К. Курбанбаев // КПУУ. Философия альманахы, – Алма-Ата, 2013. – №2. –135-138-б.

18. Курбанбаев, К. Кыргыз элинин салттуу дүйнө таанымы [Текст] / К. Курбанбаев // И. Арабаев атындагы КУУнун жарчысы. – 2013. – №1. – 40-43-б.

19. Курбанбаев, К. Символическое единство рождения и погребения человека в кыргызской культуре [Текст] / К. Курбанбаев // Аль-Фараби.

Философиялык-саясий таануучулук жана руханий-таанымдык журнал. – Казакстан, 2013. – №2. – 39–47-б.

20. Курбанбаев, К. Кыргыздардын табигый түстөргө болгон руханий табити [Текст] / К. Курбанбаев // ОшМУнун жарчысы. – 2014. – №4. –134–138-б.

21. Курбанбаев, К. Искусствонун коомдук аң-сезимдин башка формалары менен болгон байланышы [Текст] / К. Курбанбаев // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2015. – №4. – 152–155-б.

22. Курбанбаев, К. Специфика искусства: философский анализ [Текст] / К. Курбанбаев, А. Марипов // X Международная научно-практическая конференция «Научные исследования: от теории к практике. – Чебоксары, 2016. – №4(10). – 94–98-б. [Электронный ресурс].–Режим доступа: https:// elibrary.ru/DOI 10.21661/a-347– Завгл. с экрана.

23. Курбанбаев, К. Гуманизирующее значение искусства Текст] / К. Курбанбаев, А. Оморкулов // Интерактивная наука. – Чебоксары, 2017. – №11. – 162–163-б.. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https:// elibrary.ru/DOI 10.21661/r-117039 – Завгл. с экрана.

24. Курбанбаев, К. Искусствонун адамга тийгизген таасири [Текст] / М. Жумагулов, К. Курбанбаев // Ыйман, адеп жана маданият жылына арналган “Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары” аттуу илимий конференция. – ОшМУнун жарчысы, 2017. – №8. – 193–197-б. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.oshsu.kg. – Завгл. с экрана.

25. Курбанбаев, К. Символдун өзгөчөлүктөрүнө философиялык анализ [Текст] / М. Жумагулов, К. Курбанбаев // Ыйман, адеп жана маданият жылына арналган “Этнопедагогика – заманбап социумдагы этномаданий дөөлөттөрдү сактоонун фактору катары” аттуу илимий конференция – ОшМУнун жарчысы, 2017. – №8. – 256–260-б. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: www.oshsu.kg.– Завгл. с экрана.

26. Курбанбаев, К. Глобализация как социокультурное явление [Текст] / К. Курбанбаев, А. Марипов А. // Международная научно-практическая конференция “TopicalProblems of Modern Science and Possible Solutions» – Украина, 2017. – 80–82-б. [Электронный ресурс].– Режим доступа: https:// elibrary.ru/webofscholar.com/– Завгл. с экрана.

27. Курбанбаев, К. Взаимосвязь искусства и философии: философский анализ [Текст] / К. Курбанбаев, А. Оморкулов // международный научный журнал «Theoretical & Applied Science» – Казакстан, 2018. – 20–23-б. [Электронный ресурс].– Режим доступа: https:// elibrary.ru/dx.doi.org/10.15863/TAS – Завгл. с экрана.

28. Курбанбаев, К. Сущность и специфика искусства [Текст] / К. Курбанбаев, А. Нурбаева // Международный научный журнал «Theoretical & Applied Science» – Казакстан, 2018. – 24–27-б. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https:// elibrary.ru/dx.doi.org/10.15863/TAS – Завгл. с экрана.

29. Курбанбаев, К. Азыркы искусстводогу баалуулук-көркөмдүк багыттар [Текст] / К. Курбанбаев // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2018. – 100–104-б.

30. Курбанбаев, К. Массалык искусствонун коомдук жашоодогу орду[Текст] / К. Курбанбаев // ОшМУнун жарчысы. – Ош, 2018. – 104–108-б.

31. Курбанбаев, К. Искусство как мир чувственных образов [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев // Актуальные проблемы современности: наука и общества. – М., 2018. –50–52-б. – Режим доступа: https:// elibrary.ru/E-mail:editorial.aps@gmail.com– Завгл. с экрана.

32. Курбанбаев, К. Роль искусства в формировании моральных качеств личности [Текст] / К. Курбанбаев // Международный научный журнал «Theoretical & Applied Science». – Казакстан, 2018. – 13–16-б. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://elibrary.ru/dx.doi.org/10.15863/ TAS.2018.05.61.2 – Завгл. с экрана.

33. Курбанбаев, К. Массовая культура как источник опасности духовной безопасности народа [Текст] / К. Курбанбаев, Э. Шарипова, Ж. Кедейбаева // Материалы Международной научно-практической конференции «Человек в современном мире: идентичность и межкультурная коммуникация». – Дюссельдорф, 2019. – 50–56-б.

34. Курбанбаев, К. Искусствонун формаларынын калыптануу өзгөчөлүктөрү [Текст] / Э. Шарипова К. Курбанбаев // Научно-практическая конференция «Актуальные проблемы онтологии и социальной экологии».– Бишкек: НАН КР, 2019. – 126–130-б.

35. Курбанбаев, К. Искусствонун онтологиялык-гносеологиялык маңызы [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев // Научно-практическая конференция «Актуальные проблемы онтологии и социальной экологии». – Бишкек: НАН КР, 2019. – 66–71-б.

36. Курбанбаев, К. Искусствонун аксиологиялык ченеми [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев // Вестник КНУ– Бишкек, 2019.– 211-216-б.

37. Курбанбаев, К. Национальные интересы и безопасность социума [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, Ж. Кедейбаева // Вестник КНУ– Бишкек, 2020.– 216-219-б.

38. Курбанбаев, К. Религиозный радикализм как форма угрозы духовной безопасности [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев,

Кедейбаева Ж. // Международная научно-практическая конференция «Центральная Азия на перекрестке европейских и азиатских внешнеполитических интересов». – Алматы: Нархоз, 2020. – 83–89-б.

39. Курбанбаев, К. Онтологическое и аксиологическое содержание искусства [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, А. Барынбаева // Международная научно-практическая конференция «Центральная Азия на перекрестке европейских и азиатских внешнеполитических интересов». – Алматы: Нархоз, 2020. – 89–99-б.

40. Курбанбаев, К. Природа и источники духовной опасности[Текст] / Э. Шарипова, К. Кедейбаева, К. Курбанбаев // Бюллетеньнаукии практики. Научный электронный журнал ScientificJournal.– Россия, 2020. – 362–368-б.

41. Курбанбаев, К. Азыркы искусстводогу көркөм багыттар [Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, // Вестник ОшГУ.– Ош, 2020.–304-308-б.

42. Курбанбаев, К. Кыргыз элинин көркөм сүрөт искусствосу [Текст] / Э. К. Курбанбаев, А. Ахмеджанова, Д. Ыразаков // Вестник ОшГУ– Ош, 2020.– 328-333-б.

43. Курбанбаев, К. Государственность, суверенитет, безопасность[Текст] / Э. Шарипова, К. Курбанбаев, Ж. Кедейбаева //– Ницца-Сицилия, 2020.– 217-229-б.

**Курбанбаев Кылычбек Азимовичтин "Кыргыз искусствосунун дүйнө таанымдагы ролу: философиялык анализ" аттуу темада 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**Р Е З Ю М Е С И**

**Негизги сөздөр:** искусство, салттуу маданият, гуманизм, онтология, гносеология, искусствонун аксиологиясы, эстетикалык, этикалык, көркөм сүрөт искусствосу, элитардык искусство, массалык искусство, символ, модернизм, постмодернизм.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** болуп социомаданий баалуулук катары искусство саналат. Ал эми изилдөөнүн **предмети** катары искусствонун онтологиялык-гносеологиялык, аксиологиялык, эстетикалык-этикалык маңызы эсептелет.

**Диссертациянын негизги максаты** – кыргыз искусствосунун дүйнө таанымдагы ролун социалдык-философиялык багытта талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Бүгүнкү күндө Кыргызстанда искусствонун дүйнө таанымдагы ролуна арналган комплекстүү социалдык-философиялык изилдөөлөр өтө аз, изилдөөнүн инновациялык аспектилери катары төмөнкү жоболорду кароого болот: искусство социалдык-философиялык дискурстун объектиси катары аныкталды; ата мекендик эмгектерде искусство феноменинин иликтениши такталды; кыргыз искусствосу салттуу маданияттын системасында иликтенди; искусствонун онтологиялык-гносеологиялык мазмуну талдоого алынды; элдик искусствонун аксиологиясына анализ жүргүзүлдү; искусстводогу эстетикалык-этикалык проблемалар анализденди; кыргыз сүрөт искусствосунда дүйнөнүн өздөштүрүлүшүнүн мүнөзү такталды; искусство реалдуулукту символдоо каражаты катары иликтенди; азыркы искусстводогу көркөм багыттар аныкталды.

**Колдонуу тармагы.** Илимий иштин теориялык мааниси дүйнө таанымдагы искусствонун ролу жөнүндөгү социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө турат. Изилдөө процессинде алынган материалдарды жана жыйынтыктарды, жалпы социалдык-философиялык концепцияларды Кыргызстандагы эстетикалык-этикалык проблемаларды анализдөөгө колдонсо болот.

Изилдөөнүн практикалык мааниси диссертациянын материалдарын жана жыйынтыктарын социалдык философия, искусство таануу, эстетика, этика, маданият философиясы, философиянын тарыхы, маданият таануу, дүйнөлүк маданияттын тарыхы ж.б. атайын курстарды окутууда пайдаланууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Курбанбаева Кылычбека Азимовича на тему: «Роль кыргызского искусства в познании мира: философский анализ», представленной на соискание ученой степени доктора философских наук по специальности 09.00.11 – социальная философия**

**Ключевые слова:** искусство, традиционная культура, гуманизм, онтология, гносеология, аксиология искусства, эстетическое, этическое, изобразительное искусство, элитарное искусство, массовое искусство, символ, модернизм, постмодернизм.

**Объектом** исследования является искусство как социокультурная ценность. **Предметом** исследования является онтологическая-гносеологическая, аксиологическая, эстетическая-этическая сущность искусства.

**Основная цель** диссертационного исследования – социально-философский анализ роли кыргызского искусства в познании мира.

**Научная новизна исследования.** В Кыргызстане до настоящего времени практически отсутствовали комплексные социально-философские исследования, посвященные анализу роли искусства в познании мира. Данная работа в определенной мере восполняет данный пробел. К новизне исследования можно отнести следующие моменты: выяснена степень исследованности феномена искусства в отечественных работах; исследовано кыргызское искусство в системе традиционной культуры;выявлено онтологическо-гносеологическое содержание искусства; был проведен анализ аксиологии народного искусства; проанализирован ряд эстетико-этических проблем искусства; были выявлены особенности освоения мира в кыргызском изобразительном искусстве; исследовано искусство в качестве инструмента постижения реальности;определены основные художественные направления в современном искусстве.

**Область применения.** Теоретическая значимость исследования состоит в дальнейшем расширении и углублении социально-философских знаний о роли искусства в познании мира. Материалы и результаты, полученные в процессе исследования, обобщенные в социально-философскую концепцию, могут быть использованы при анализе эстетико-этических проблем в Кыргызстане.

Практическая значимость исследования выражается в том, что материлы, выводы и результаты диссертационного исследования могут быть использованы при создании специальных курсов по социальной

философии, искусствоведении, эстетики, этики, культурологии, философии культуры, истории мировой культуры и др.

**RESUME**

**on the theses of Kurbanbaev Kylychbek Azimovich on the subject:" The role of Kyrgyz art in the knowledge of the world: philosophical analysis", presented for the scientific degree of Doctor of Philosophy, specialty 09.00.11 – social philosophy**

**Key words:** art, traditional culture, humanism, ontology, epistemology, axiology of art, aesthetic, ethical, fine art, elite art, mass art, symbol, modernism, postmodernism.

**The object** of research is art as a sociocultural value. **The subject** of research is the ontological-epistemological, axiological, aesthetic and ethical essence of art.

**The main goal of the dissertation research** is a socio-philosophical analysis of the role of Kyrgyz art in the knowledge of the world.

**The scientific novelty of the study**. To date, in Kyrgyzstan there are few comprehensive socio-philosophical studies devoted to the analysis of the role of art in the knowledge of the world. In addition, the following aspects can be attributed to the innovative aspects of research: art is defined as an object of socio-philosophical discourse; the degree of research into the phenomenon of art in domestic studies has been clarified; Kyrgyz art is studied in the system of traditional culture; the ontological-epistemological content of art is revealed; the analysis of the axiology of folk art; the aesthetic and ethical problems of art are analyzed; reconstruction of the world in Kyrgyz fine arts is revealed; art is explored as a tool symbolizing reality; artistic trends in contemporary art are defined.

**Recommendations for use**. The theoretical significance of the study lies in the further expansion and deepening of socio-philosophical knowledge of the role of art in the knowledge of the world. Materials and results obtained in the course of the study, generalized into a socio-philosophical concept, can be used in the analysis of aesthetic and ethical problems in Kyrgyzstan.

**The practical significance** of the study is expressed in the fact that the conclusions and results of the dissertation research can be used to create special courses in social philosophy, art history, aesthetics, ethics, cultural studies, philosophy of culture, the history of world culture, etc.

Форматы: 60x84/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү:3,5  б.т.            Нускасы: 50

---

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru